# СОТ АТКАРУУЧУЛАР ҮЧҮН ОКУУ КУРАЛЫ.

# ТАЛАШТАРДЫ АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЧЕЧҮҮ.

# АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮНДӨ МЕДИАЦИЯНЫ КОЛДОНУУ

2024г.

Бул окуу куралы  Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы (ЕРӨБ) тарабынан, УӨЭУ менен кызматташууда жана ЕРӨБ каржылап, жүзөгө ашырылып жаткан **Кыргыз Республикасы: Сот аткаруучулар кызматынын дареметин күчөтүү. Техникалык кызматташуу долбоорунун** алкагында Укукту өнүктүрүү боюнча Эл аралык уюм (УӨЭУ) тарабынан даярдалган.

Бул техникалык кызматташуу долбоору  ЕРӨБ тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан  Укуктук реформалардын программасынын бөлүгү болуп саналат. Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү шилтемеге кайрылыңыз:
https://www.ebrd.com/what-we-do/sectors/legal-reform.html

**ДИСКЛЕЙМЕР**

Данное учебное пособие подготовлено с освобождением ЕБРР от любой ответственности, связанной с выбором Консультанта (Организация по международному развитию права (IDLO) и качеством работы IDLO. Ни при каких обстоятельствах ЕБРР не несет никакой ответственности за любые убытки, расходы, ущерб или ответственность, связанные с ролью ЕБРР в выборе, привлечении или мониторинге IDLO или в результате использования или полагания на услуги IDLO. ЕБРР не дает никаких заверений или гарантий, явных или подразумеваемых, в отношении точности или полноты информации, изложенной в этом учебном пособии. ЕБРР не несет ответственности за любую информацию, содержащуюся в данном учебном пособии, или за любое искажение или упущение в нем.

Данное учебное пособие остается собственностью ЕБРР.

Запрещается полное или частичное воспроизведение или передача настоящего пособия в любом виде и любыми средствами, включая фотокопирование и электронную форму, без письменного разрешения ЕБРР. Такое письменное разрешение необходимо получить и для введения настоящего пособия полностью или частично в какую бы то ни было информационно-поисковую систему.

*Данное учебное пособие одобрено Верховным судом КР или Службой исполнения при Верховном суде КР*

**Алкыш билдиребиз:**

**Окуу куралын даярдоого катышкандыгы үчүн:**

**Ч. Дж. Курбановага,** Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун экс-судьясына.

**О. Новиковага,** Молдова мамлекеттик университетинин окутуучусу, Молдова сот аткаруучуларынын Укуктук Союзунун Башкы секретарына.

**Окуу куралына рецензия даярдагандыгы үчүн:**

**К.Т. Осмоналиевге** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясына.

**Н.М**. **Асановага** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясына.

**Ч.И. Садыровага** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясына.

**Окуу куралынын жалпы редакциясы үчүн:**

**Н.С. Алымбаевге -** Укукту өнүктүрүү боюнча Эл аралык уюмдун филиалынын кеңешчисине.

# МАЗМУНУ[1]


**АББРЕВИАТУРАЛАРДЫН ЖАНА КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ....................................................2**

**ЧЕНЕМДИК – УКУКТУК БАЗА.....................................................** Ошибка! Закладка не определена.

**АТАЙЫН АДАБИЯТТАР.........................................................................................................3**

**ОКУУ КУРАЛЫНЫН МАКСАТТАРЫ.......................................................................................3**

**КҮТҮЛҮҮЧҮ ЖЫЙЫНТЫКТАР ...............................................................................................8**

**КИРИШҮҮ..............................................................................................................................3**

**1 ГЛАВА. МЕДИАЦИЯ ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУНУН ФОРМАСЫ ЖАНА ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛ-ЖОБОСУ КАТАРЫ ..........................................** Ошибка! Закладка не определена.

**1.1. Талаштарды чечүүнүн жол-жобосу катары медиациянын жалпы мүнөздөмөсү....** Ошибка! Закладка не определена.

**1.2. Медиациянын мүнөздөмөсү...............................................................................8**

**1.3. Медиациянын негизги принциптери жана кепилдиктери.............................................8**

**1.4. Медиациянын баскычтары...................................................................................9**

**1.5. Медиация жол-жобосунун жүргүзүү этаптары ...............** Ошибка! Закладка не определена.

**1-главанын ачкычтуу жоболору ...........................................................................................24**

**1-главанын контролдук суроолору.....................................................................................25**

**2. ГЛАВА. МЕДИАЦИЯ АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮНДӨ.....................** Ошибка! Закладка не определена.

**2.1. Медиациянын укуктук негиздери ....................................** Ошибка! Закладка не определена.

**2.2. Медиация жана сот аткаруучунун милдеттери............................................................17**

**2.3. Медиациянын натыйжасында өндүрүп алуучунун өндүрүүдөн баш тартуусу...........................................................................................................................18**

**2.4. Медиациянын натыйжасында тынышуу макулдашуусу...............................................19**

**2.5. Медиацияны колдонуу үчүн башка мүмкүнчүлүктүү кырдаалдар..............................20**

**2-главанын ачкычтуу жоболору ...........................................................................................35**

**2-главанын контролдук суроолору.......................................................................................36**

**2-главасына сот аткаруучунун аракеттеринин контролдук тизмеси ............................................37**

**3 ГЛАВА. БАШКА ӨЛКӨЛӨРДӨ МЕДИАЦИЯНЫН ЖӨНГӨ САЛЫНЫШЫНЫН САЛЫШТЫРМА ТАЛДООСУ ..........................................................................................** Ошибка! Закладка не определена.

**КОРУТУНДУ..........................................................................** Ошибка! Закладка не определена.

**ПРАКТИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА АЛАРГА ТАПШЫРМАЛАР.......................................................28**
**№1 тиркеме. Медиацияны колдонуу жөнүндө келишим (шаблон)........................................30**
**№2 тиркеме. Медиациялык макулдашуу (шаблон)..............................................................32**
**№3 тиркеме. Аткаруу өндүрүшүндө колдонулуучу документтердин формалары.......................33**
**1) Аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жөнүндө токтом.........................................................34**
**2) Аткаруу өндүрүшүн кайра жандандыруу жөнүндө токтом ..................................................35**


---

[1] Раздел будет отформатирован при направлении в типографию.

**3) Аткаруу өндүрүшүн токтотуу жөнүндө токтом..............................................................36**
**4) Тынышуу макулдашуусу (шаблон) .........................................................................37**

**№4 тиркеме. Өлкөлөрдүн медиация жана медиатордун статусун жөнгө салуу боюнча тажрыйбасынын салыштырмалуу талдоонун таблицасы...........................................................38**

**№5 тиркеме. Берилген тапшырмаларга сунушталган чечимдер................................................40**

## АББРЕВИАТУРАЛАР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **ЕРӨБ** | Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы |
| **УӨЭУ** | Укукту өнүктүрүү боюнча Эл аралык уюм |
| **Аткаруу өндүрүшү тууралу мыйзам** | Кыргыз Республикасынын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралу» Мыйзамы |
| **Медиация жөнүндө мыйзам** | «Медиация жөнүндө» Мыйзам |
| **ГПК** | Жарандык процесстик кодекси |
| **УПК** | Жазык-процесстик кодекси |

**ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗА**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2021-жылдын 5- майындагы редакциясында;
2. Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси 2017-жылдын 25 январындагы;
3. Кыргыз Республикасынын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзамы 2017 – жылдын 28 - январындагы;
4. Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамы 2017-жылдын 28 –июлундагы;
5. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында сот адилеттигин өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы, 2012-жылдын 8- августтагы.
6. Казак Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамы, 2011-жылдын 28 –январындагы;
7. Молдова Республикасынын Аткаруу кодекси, 2004-жылдын 24-декабрындагы.

**АТАЙЫН АДАБИЯТТАР**

1. Карпенко А.Д., Осиновский А.Д. и др. Медиация. Санкт - Петербург. 2016 год.

2. Загайнова С.К., Тарасов Н.Н., Ярков В.В. Медиация в практике. М. Инфотропик Медиа. 2012 г.

3. Бесемер Х. Медиация. Посредничество в конфликтах. Перевод с нем. Маловой Н.В. Калуга 2004 год.

4. Новицкая Л. Ю. Проблемы процедуры медиации в исполнительном производстве и возможные пути их решения. Журнал «Экономика. Право. Общество». 2016, №3 (7), с. 71-75.

5. Соловьева С.В., Филипов В.В. Медиация в сфере исполнительного производства: европейский опыт. Вестник Нижегородского университета им. Н.И. Лобачевского, 2014, №3 (2), с.207-211.

## ОКУУ КУРАЛЫНЫН МАКСАТТАРЫ

1) Угуучуларда талаштын тараптарынын аткаруу өндүрүшүн тынчтык жолу менен бүтүрүгө даярдыгынын таап көрсөтүү боюнча көндүмдөрдү жогорулатуу;
2) Угуучуларда талаштын тараптарына, аткаруу өндүрүшүн медиатордун катышуусунда тынышуу келишимин түзүү жолу менен бүтүрүгө, маалымат берүү боюнча көндүмдөрдү калыптандыруу;
3) Угуучуларда медиация жол-жобосун өткөрүүнү ачык көрө алышты-элестетүүнү калыптандыруу.

## КҮТҮЛҮҮЧҮ ЖЫЙЫНТЫКТАР

Тренинг аяктагандан кийин уугучулар:

1) талаштын тараптарынын тынышуу келишимин түзүүгө даярдыгын аныктай;
2) аткаруу өндүрүшүнүн катышуучуларын медиатордун катышуусу менен түзүлгөн тынышуу келишиминин майнаптуулугу тууралуу консультация бере;
3) медиациянын артыкчылыгын жана маңызын түшүндүрө;
4) медиациянын жол-жобосун түшүндүрө;
5) түзүлгөн Медиативдик макулдашуунун туура түзүлгөнүн жана Тынышуу келишиминин шарттарынын негиздүүлүгүн текшере;
6) аткаруу өндүрүшүн токтотуу үчүн медиациянын натыйжаларын колдоно алышат.

## КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасында башталышында медиациянын практикасы чогултулган жана өнүккөн, андан соң бул институттун укуктуу бекемделиши ишке ашырылган.

Биринчи жолу укуктук талаштарды чечүүнүн альтернативдүү ыкмасы катары Кыргыз Республикасында медиация жөнүндө 2008-жылы «Медиация – талаштарды чечүүнүн альтернативдүү ыкмасы» деген аталыштагы төгөрөк стөлдө айтылган. Андан кийин чыр-чатактык кырдаалдарды түшүндүрүү иштери жана аларды алдын алуу менен алектенген медиаторлорду окутуу жана даярдоо жүргүзүлгөн. Кийинирээк өлкөбүздө медиацияны өнүктүрүү максаттары бар медиация борборлорунун Союзу, мектептеги жараштыруу кызматы, тынчтык жарчыларынын желеси, Медиациянын улуттук борбору жана башка коммерциялык эмес уюмдар уюштурулган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында сот адилеттигин өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» 2012-жылдын 8- августтагы Жарлыгына ылайык чыр-чатактарды чечүүнүн альтернативдүү механизмдерин киргизүү соттук реформанын негизги багытынын бири болуп саналат[2].

«Кыргыз Республикасында 2013-2017-жылдары сот системасын өнүктүрүү» Мамлекеттик максаттуу программасында талаштарды сотко чейинки жана сотсуз жөнгө салуу жана жараштырууну киргизүү маселелердин бири болуп аныкталган[3].

Аталган стратегиялык документтердин натыйжасы 2017-жылы медиация жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы болду[4]. Мыйзам «Эркин-Тоо» гезитинде 2017-жылдын 11-августунда жарыяланган, ал эми 2018-жылы 11- февралда күчүнө кирди.

Бул окуу куралында авторлор медиация жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралу мыйзамдардын жоболорун талдашат жана аткаруу документтерин реалдуу, толук жана өз убагында аткарууну камсыздоо үчүн медиация жол-жобосун колдонуу боюнча сот аткаруучуга мүмкүнчүлүктөрдү жана сунуштамаларды карашат.

---

[2] См.: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61388?cl=ru-ru
[3] См.: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/77471
[4] См.: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111668

# 1-ГЛАВА. МЕДИАЦИЯ ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУНУН ФОРМАСЫ ЖАНА ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛ ЖОБОСУ КАТАРЫ

## 1.1. Талаштарды чечүүнүн альтернативдүү жол-жобосу катары медиациянын жалпы мүнөздөмөсү

«Медиация» деген сөз латин этишинен келип чыгат, mediare (сөзмө сөз котормосу – «арачы болуу»).

Медиация ортомчулуктун өзгөчө формасы, мында медиатор деп аталган арачынын авторитардык, буйрукчул көрсөтмө берүүчү ролу каралбаган, талаштарды жөнгө салуучу альтернативдүү жол – жобо болуп саналат.

Бейтарап үчүнчү жак катары медиатордун ролу, медиация жол-жобосунда өз ыктыярлары менен катышкан тараптарга өз ара алгылыктуу жана пайдалуу чечимди изденүүдө жана түзүп чыгууда көмөк көрсөтүүдө турат. Бул чечим талашып жатышкан тараптардын өз ара канааттануусуна кызмат көрсөтүшү керек.

Ийгиликтүү аяктаган медиацияда жеңүүчүлөр да, жеңилгендер да жок, чыр-чатакка тартылышкан тараптардын баары жеңишке жетишет.

Медиатор талаш боюнча чечим чыгарбайт, талашты чечүүнүн мүмкүн варианттарын сунуштабайт, ал тараптардын ортосунда диалог үчүн гана шарттарды жана мейкиндик түзүүгө көмөк көрсөтөт.

Медиатордун ишкердигинин максаты болуп өнөктөштүк, ишкердүүлүк мамилелердин өнүгүүсүнө көмөктөшүү жана ишкер жүгүртүм этикасынын түптөлүшүнө, социалдык мамилелерди шайкештөө саналат.

Медиация – бул илгертен берки талаштарды чечүүнүн формасы. Ал көптөгөн кылымдардан бери чоң ийгилик менен дипломатияда, кошуналар, кесипкөй тайпалар, дыйкандар, саясий партиялар, мамлекеттер ортосундагы чыр-чатактарды жайлаштырууда колдонулуп келген. Мисалы, *Отузжылдык согуштун аягына 1648-жылы медиацияга себептүү гана жетишилген.*

Ошого карабастан, медиация бүгүнкү күндө, талаштарды чечүүнүн кеңири колдонуучу альтернативдик усул катары, өткөн жүзжылдыктын экинчи жарымында гана түптөлө баштаган. Алтымышынчы жылдардын башталышында ал АКШ, Австралия, Англия ж.б. англосаксон укуктуу өлкөлөрдө, жана 15-20 жылга кечигип континенталдык-европалык укук системалуу өлкөлөрдө - Франция, Бельгия, Нидерланды, Германия, Австрия, Италия, Швейцарияда негизделип калган.

Медиацияны колдонуу чөйрөсү жетишээрлик кенен, алардын ичинен атап кетсек:

1) коммерциялык талаштар
2) корпоративдик (ара- жана ички) талаштар
3) банктык жана камсыздандыруучөйрөсүндөгү талаштар
4) ишке ашырылышы көпчүлүк тараптарды камтыган проекттерди коштоо
5) жумуштагы чыр-чатактар
6) автордук укук жана интеллектуалдык менчик менен байланышкан талаштар
7) **аткаруу өндүрүшү**

Медиация менен арачылыктын башка түрлөрүнүн ортосунда олуттуу айырмачылык болуп арачылар талаштын (чыр-чатактын) предмети болгон чөйрөсүндө эксперттик билимге ээ болгону саналат. Талаштардын кээ бир түрүндө арачы укуктук маалымат берүүгө милдеттүү, башкача айтканда өзүнө консультативдик аспектисин да камтышы мүмкүн.

Медиациялык жол-жобосунда болсо арачы – медиатордун **консультативдик функциясы жок.** Мунун ордуна, медиатор тараптарга чыр-чатакты жалпы түшүнүүнү иштеп чыгуу жана талашты жөнгө салуу багытында иш алып баруу аракетинде болууга умтулат.

Арачылыктай эле, медиация дагы талаштуу маселелерди таап чыгууга жана чыр-чатактын катышуучуларына өз ара ыңгайлуу чечимдин варианттарын иштеп чыгууга кызмат кылат. Эки жол-жобо тең ийкемдүү мамилелерди сунушташат, ал эми кабыл алынган чечимдер бардык тараптардын макулдашуусуна таянуусу керек. Бул салттуу соттук процесс менен карама-каршы болуп турат, ал дайыма укуктук аргументи көбүрөөк салмактуу катышуучунун тарабында болот.

⚠ Медиация практикасынан мисал:

*1-Тарап менен 2-Тарап О,45 гектар жер тилкесин өздөрүнүн ишкердигинде автоунаалардын (такси) унаа турук катары пайдаланышкан. Бул тилкени тараптар тарабынан пайдалануу тартиби ачык эместигинен талаш келип чыккан. 2-Тарап ижара акысын көбүрөөк төлөгөндүгүнө байланыштуу артыкчылыктуу пайдалануу жөнүндө айткан жана жергиликтүү салыктар менен таштанды үчүн акыны төлөөдөн баш тарткан. Жыйынтыгында каттоо органына берилген суроо-талаптан кийин тилкенин чыныгы менчик ээси болуп 3-Тарап болуп чыккан.*

*Бул талаш боюнча медиациянын төмөнкү баскычтары жүргүзүлгөн: маалыматтык жолугушуу, тараптардын презентациялары, сүйлөшүүлөрдүн темасын аныктоо, сунуштарды иштеп чыгуу, медиациялык макулдашууну түзүү. Медиация тараптар арасында*

*мамилелерди калыбына келтирүүгө жардам берди.*

Медиация практикасынан мисал:

*Курулуш компаниясы менен жоопкерчилиги чектелген коомдун ортосунда көп кабаттуу үйдү курууда үлүштүү катышуу жөнүндө келишим түзүлгөн, ага ылайык курулушчу башка тараптын менчигине үчбөлмөлүү батирди жана турак эмес жайды берүүгө милдеттенген. Бирок курулушчу өзүнүн милдеттерин убагында аткарган эмес.*

*Бул талаш боюнча медиациянын төмөнкү баскычтары жүргүзүлгөн: маалыматтык жолугушуу, тараптардын презентациялары, сүйлөшүүлөрдүн темасын жана талкулоо үчүн суроолорду аныктоо, сунуштарды иштеп чыгуу жана чечимди табуу, медиациялык макулдашууну түзүү. Медиациянын жыйынтыгында пайда болгон талашты тараптар сотко чейинки тартипте чечишти.*

**Медиациянын артыкчылыктарынын** арасынан төмөнкүлөрдү белгилесе болот:

1) Медиация убакытты, акчаны жана талаштын катышуучуларына эмоциалык күчтөрүн экономдоого жардам берет;
2) Медиация чыр-чатакка (ким туура, ким күнөөлү) же утукка багытталган эмес, анын багыты чечимди конструктивдүү издөө;
3) Медиация өзүнүн чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн колдонуп, талаштын катышуучуларына келечекке кароо мүмкүнчүлүгүн берет.
4) Аны өткөрүүдө жагдай, уюштуруу, регламент жана процесстин мазмуну өзүнчөбелгилениши мүмкүн;
5) Катышуучулардын жеке кызыкчылыктарынын чөйрөсү толук корголгон, анткени медиация процесси бул купуялуу процесс;
6) Талашты медиациянын жардамы менен чечкенде жетишилген бир пикирге келишкендиктер, эреже катарында, көбүрөөк узакка созулган жана реалдуу абалга жооп берет, ал аны жашоо тиричиликке ашырууга көмөктөшөт жана аларды ишке ашыруу экөөнө тең ылайыктуу жана табигыйлык кадам менен.

Чет өлкөлүк статистикалар аткаруу өндүрүшүнүн **50%** көбүрөөк учурлары **майнаптуу экендигин** көрсөтүшөт. Болжол менен учурлардын төрттөн бир бөлүгүндө чыр-чатактын болуусуна чагылдырылбайт, ал эми 10% терс тенденция байкалат.

Бирок, медиациянын ийгиликтүү болушуна таасирин тийгизүүчү **факторлорду** эсепке алуу керек:

1) тараптардын компромистүү чечим кабыл алууга багытталуусу;
2) медиатордун кызыгуусу жана кесиптик даярдыгы;
3) медиатордун аракеттеринин тырышчаактыгы;
4) чыр-чатактын чыңалуусунун даражасы;
5) чыр-чатактын бат өтмөлүгү.

Эгерде медиацияны өткөрүү моменти чен белгисине негизделсек, анда аны: сотко чейинки медиация, соттук медиация жана сот өткөндөн кийинки медиация (**бул форманын бар болушу чебер сүйлөөчүлүк менен соттук чечим тараптардын чыр-чатагында чекит койбогонун айтып турат).** Төмөнкү таблицада соттук териштирүү менен медиация жол-жобосунун салыштырмалуу талдоосу келтирилген:

| **Сот** | **Медиация** |
|---|---|
| Процесс **тараптардын биринин эркине каршы** башталышы мүмкүн | Медиация жол-жобосу **ыктыярдуулукту** божомолдойт |
| Судья **дайындалат** | Медиатор **тандалат** |
| Чечим **мыйзамга ылайыктуулук катуу талаптуу** кабыл алынат | Чечим **тараптардын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен, бирок мыйзам чегинде** кабыл алынат |
| Сот **бийликтүү ыйгарым укуктар менен** энчиленген | Медиатор **бийликтүү ыйгарым укуктары жок** жана чечимди иштеп чыкканга көмөктөшөт |
| **Көпкө созулган** формалдуу жол-жобо | **Ыкчамдатылган** жана формалдуу эмес жол-жобо |
| Процесстин ачык-айкындыгы | **Купуялуулук** |
| Чечимди аткаруу боюнча соттук **жыйымдар жана чыгымдар** | Акча каражаттарынын **экономиясы** |

## 1.2. Медиациянын мүнөздөмөсү

Медиациянын мүнөздөмөсү өзүнө үч көрсөткүчтү камтыйт.

**Биринчиден**, медиация **укуктук талаштарды жөнгө салуучу юрисдикциялык эмес жол-жоболорго** кирет. Азыркы учурда укуктук талаштарды жөнгө салуучу тутумдар талаштарды юрисдикциялык эмес жана юрисдикциялык да (*сот адилеттигин жүргүзүү, бейтараптык териштирүү, нотариалдык өндүрүш ж.б.)* жөнгө салууларды бириктирет. Юрисдикциялык жол-жобонун алкагында талаш укукту колдонуу жолу менен чечилет, медиацияда болсо талашты жөнгө салуу талашып жаткан тараптардын **кызыкчылыктарын макулдашуу жолу менен** ишке ашырылат.

**Экинчиден**, медиация **өзгөчө принциптердин тутумуна** негизделет. Бул жөнүндө төмөндө атайын бөлүмдө толук жазылган.

**Үчүнчүдөн**, медиация **өзгөчө уюштурулат.** Жарандык жана жазык юрисдикциянын органдардын ишмердиги колдонуудагы мыйзамдар менен регламенттелген өзгөчө процесстик, жол-жоболук форманын алкагында ишке ашырылат. Медиация да өзү менен өзгөчө уюштурулган жол-жобону көрсөтөт, бирок бул юридикалык жол-жобо эмес, талашып жатышкан тараптардын кызматташтык стратегиясына негизделген сүйлөшүүлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү жол-жобосу.

Медиациянын сүйлөшүү жаратылышы төмөнкү мүнөздөмөнүн бар экенин болжолдойт: талаштын катышуучуларына ыйгарым укуктуу жактар милдеттүү чечимди чыгарган юрисдикциялык (соттор, бейтарап соттор, нотариат ж.б.) тутумдун алкагында укуктук талаштарды чечүүдөн айырмаланып, медиация жол-жобосунда чечим медиатор тарабынан эмес, талашып жаткан тараптардын өздөрү тарабынан чыгарылат.

Жарандык жана жазык процесстеринин заманбап моделдеринин негизине, тараптарды карама каршы койгон, аларга атаандашуучулукка, теңтайлашуучулукка түрткү болгон процессте сот өндүрүшүнүн атаандашуучулук формасы коюлган. Медиация жол-жобосунда тараптардын ортосундагы мамиле кызматташтыкка, талашты жеңип чыгуу боюнча биргелешип иштөөгө багытталган, ошондуктан жол-жобо формалдашкан эмес, далилдөө эрежелерин колдонууга муктаждык жок.

Айырмачылыктар жыйынтыктоо натыйжасында да бар: сотто талашты кароодо жыйынтык болуп «**утуш-утулуш**», медиацияда - «**утуш-утуш**»[5].

[5] Загайнова С.К., Тарасов Н.Н., Ярков В.В. Медиация в практике. М. Инфотропик Медиа. 2012 г. с.14-15.

## 1.3. Медиациянын негизги принциптери жана кепилдиктери

Медиациянын кайсы болбосун жол-жобосу аныкталган **принциптерге** ылайык өткөрүлүшү зарыл:

**ыктыярдуулук**

Кыргыз Республикасынын “***Медиация жөнүндө” мыйзамынын 4-беренесине ылайык*** (мындан ары Медиация жөнүндө мыйзам) медиация катышуунун ыктыярдуулук принцибине негизделет. Бул принцип медиациянын баарын тепчип өтөт, жана анын аракети томөнкү аспекттерде көрүнөт.

Кайсы бир себеп менен тараптар медиацияга катышууну каалашпаса, аларды эч ким мажбурлай албайт. Бардык чечимдер тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча кабыл алынат, ар бир тарап өзү каалаган учурда медиациядан баш тартуусу жана сүйлөшүүлөрдү токтотушу мүмкүн.

Талашты медиация аркылуу жөнгө салууга тараптарды мажбурлоого эч ким укуктуу эмес. Талашты медиация аркылуу жөнгө салуу боюнча жардам көрсөтүүгө медиаторду мажбурлоого эч ким укуктуу эмес. Медиация тараптарынын ортосунда жетишилген келишимдер ыктыярдуу аткарылат. Ыктыярдуулук тараптарга гана эмес, медиатордун өзүнө да тийиштүү. Медиатор медиация жол-жобосу боюнча жардам көрсөтүү тууралу чечимди өз ыктыяры менен кабыл алат, эгерде максатка ылайыксыз болсо медиация жол-жобосун токтото алат.

***кызматташтык жана тең укуктуулук***

Кызматташтык жана тең укуктуулук принциби ***Медиация жөнүндө мыйзамдын 5-бер.*** каралган, ага ылайык медиация талашкан тараптардын кызыкчылыктарын макулдашуу максатында конструктивдүү кызматташтыктын негизинде жүргүзүлөт.

Медиациянын жүрүшүндө тараптар бири бири менен теңдикте баарлашат. Алардын бири да жол-жоболук артыкчылыкка ээ эмес. Аларга өздөрүнүн пикирин айтууга, сүйлөшүүлөрдүн күн тартибин аныктоого, сунуштардын жана келишимдин шарттарынын алгылыктуулугун баалоого бирдей укук берилет. Тараптар бирдей жана алар үчүн пайдалуу боло турган чечимди табууну көздөшөт.

Медиация тараптары медиаторду тандоодо, өз позицияларын билдирүүдө жана өз ара алгылыктуу макулдашууну иштеп чыгууда тең мүмкүнчүлүктөргө ээ болот.

***медиатордун бейтараптыгы, калыстыгы***

***Медиация жөнүндө мыйзамдын 6-бер.*** ылайык Медиатор медиацияны жүргүзүүдө көз карандысыз жана калыс. Көз карандысыздык жана калыстык өздөрүнүн биргелигинде медиатордун бейтараптык принцибинин маңызын түзөт. Медиатор медиация тараптарына, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына, юридикалык жана жеке жактарга көз каранды эмес. Медиатор медиацияны тараптардын кызыкчылыктарында калыс жүргүзүүгө жана алардын медиацияга тең катышуусун камсыз кылууга тийиш. Медиатордун бейтараптыгына таасир кылуучу жагдайлар болгондо ал медиацияны жүргүзүүдөн баш тартуусу керек.

Медиатор жол-жобонун жүрүшүндө (тараптар менен иштөө учурунун баарында эле) талаштын катышуучуларынын биринин жагына ыктабайт.

Медиатор өзүнө алардын биринин, ошондой эле баарынын, тууралыгын кемитип сүйлөй албайт; эгерде жол-жобонун башка катышуучусунун бирине карата жеткиликтүү эмес урматтого алып келсе, катышуучулардын биринин кадыр-баркын жана артыкчылыгын бөтөнчө белгилөөгө тыюу салынат.

Медиатор тарабынан жасалгандын жана айтылгандын баары- жаңсоолор, мимика, тамашалар, өзүнүн ишинде толук бейтараптыкты сактоо көз карашында текшерилүүгө тийиш.

***купуялуулук***

Купуялуулук принциби ***Медиация жөнүндө мыйзамдын 7-бер.*** ылайык сакталат. Медиация жүргүзүүдө медиацияга тиешеси бар бардык маалыматтын кулуялуулугу сакталат.

Медиатор, медиаторлор уюмунун кызматкерлери медиация жол-жобосун жүргүзүүгө чейин жана (же) жүргүзүү процессинде аларга белгилүү болгон маалыматтын купуялуулугун сактоого милдеттүү. Бул милдет ошондой эле алардын медиатор катары иши токтотулган же кыскартылган учурларга да жайылтылат.

Эгерде медиатор тараптардын биринен медиацияга тиешеси бар маалыматты алса, ал мындай маалыматты берген тараптын макулдугу менен гана бул маалыматты башка тарапка ачып бере алат.

Эгерде медиациянын тараптары башкача макулдашпаса, алардын медиацияга тиешелүү маалыматты ачыкка чыгарууга укугу жок.

Медиациянын жүрүшүндө алынган маалымат тараптар жана медиатор тарабынан башка процессте же башка инстанцияларда ачыкка чыгарылууга мүмкүн эмес, ошондой эле, эгерде бардык тараптардын уруксаты жок болсо же эгерде мыйзам талап кылбаса, өзүнүн жеке максатында колдонулушу мүмкүн эмес. Купуялуу маалымат үчүнчү жактарга, ошондой эле сотко жана кайсы бир башка органга же уюмга ачыкка чыгарылууга жатпайт.

Медиация жол-жобосунда таанышкан фактылар же актылар боюнча медиаторду угууга мүмкүн эмес. Өзгөчө учурларда тараптардын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен ал алардын пайдасына көрсөтмө берүүгө укуктуу,

бирок бул анын медиация процессине мындан аркы катышуусуна жол бербейт. Купуялуулук принцибинен четке чыгып, медиатор медиация процессинде ага белгилүү болгон жасала турган кылмыш жөнүндө компетенттүү органдарга билдирүүгө милдеттүү.

***мыйзамдуулук***

Медиацияда **мыйзам менен тыюу салынбагандын баарына уруксат.** Тараптар, соттон айырмачылыгында, талашты Конституциянын, мыйзамдын, ченемдик актылардын өзгөчө негизинде чечүү муктаждыгы менен байланышпаган.

**Юстициянын майнаптуулугу боюнча Европалык Комиссиянын** Европа Кеңешинин сот чечимдеринин аткарылышы боюнча Сунуштарын колдонууга тийиштүү сунуштарында (2009ж. декабрь) аткаруу өндүрүшү жоопкер менен доогердин ортосунда белгилүү келишкендиктерге орун калтырган жеткиликтүү ийкемдүү болушу керектиги, ал эми аткаруучу башкалардан бөлөкчө пост-соттук медиатор ролун аткаруусу мүмкүндүгү көрсөтүлгөн.

***кепилдиктер***

Жана, акырында, ***Медиация жөнүндө мыйзамдын 8-бер.*** медиацияны жүргүзүүдө кепилдиктерди белгилейт.

Атап айтканда, медиатор, медиаторлор уюмунун кызматкерлери маалыматтык жолугушуунун жана медиациянын жүрүшүндө аларга белгилүү болгон маалыматтар жөнүндө күбө катары **суракка алынышы мүмкүн эмес.** Жана мыйзамдарда каралган учурларды кошпогондо (мисалы, *соттун талабы боюнча*), медиатордон жана медиаторлор уюмунан медиацияга тиешеси бар маалыматты **талап кылууга тыюу салынат.**

## 1.4. Медиациянын негизги баскычтары

Медиация жол-жобосун жайылган түрдө карасак аны баскычтардын ырааттуулугун көрүүгө болот, алардын бири өзүнө бир нече этаптарды камтыйт. Ушуну менен бирге, ар бир баскыч өзүнүн милдетин аткарат, ал эми ар бир этапта белгиленген маселелер чечилиши зарыл.

**Биринчи баскыч – медиацияга даярдык көрүү.**

Даярдык көрүү баскычында медиатор төмөнкү маселелерди чечет:

1) Медиациянын маңызын, мүмкүнчүлүктөрүн, артыкчылыктарын жана чектөөлөрүн түшүндүрөт;
2) Талаштын экинчи тарабын медиацияга чакыруу (зарыл учурларда).

3) Сүйлөшүүлөрдүн катышуучуларынын курамын аныктоо;
4) Медиация жол-жобосунун келечегин алдын ала баалоо (медиабелдүүлүгүн аныктоо);
5) Медиацияны колдонуу жөнүндө Келишимди түзүү.

💡 Медиацияны колдонуу жөнүндө Келишим **жазуу жүзүндөгү** формада түзүлөт (*Медиации жөнүндө мыйзамдын 21-бер.*).

келишимде төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт *(ушул окуу куралына №1 Тиркемедеги үлгүнү караңыз)* :

1) келишим түзүлгөн дата жана жер;

2) талаштын тараптарынын фамилиясы, аты жана атасынын аты же аталышы;

3) талаштын тараптарынын өкүлдөрүнүн фамилиясы, аты, жана атасынын аты же аталышы алардын ыйгарым укуктарын ырастоочу документтердин реквизиттерин көрсөтүү менен;

4) медиатордун же медиаторлордун фамилиясы, аты жана атасынын аты;

5) талаш предмети;

6) медиация жүргүзүлүүчү тил;

7) медиация жүргүзүүнүн купуялуулугу жана мындай милдеттенмени аткарбоонун кесепеттери жөнүндө тараптардын макулдашуусу;

8) медиация жол-жобосу жүргүзүлүүчү жер, анын катышуучулары;

9) медиация жүргүзүүгө байланышкан чыгымдарды төлөө шарттары жана тартиби, ошондой эле медиатордун жардамына акы төлөөнүн өлчөмү;

10) медиация жүргүзүү мөөнөтү;

11) медиация жүргүзүү тартиби.

## Экинчи баскыч – медиациянын жол-жобосу

Медиациянын жол-жобосу – бул чындыгында сүйлөшүү процессин уюштуруу жана өткөрүү, анын алкагында медиатор эки тараптын кызыкчылыгын камтыган келишимге жетишүү үчүн тараптарды кызматташууга алып келүү.

Медиациянын жол-жобосу бир нече этаптарга бөлүнөт:

1) медиатордун киришүү сөзү;
2) тараптардын позицияларын презентациялоо;
3) сүйлөшүүлөрдүн темасын жана талкуулана турган суроолорду аныктоо;
4) талашты чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
5) медиативдик келишимди түзүү жана аны тариздөө.

Өзгөчө (факультативдүү) этап болуп медиатордун тараптар менен жекече иштөөсү саналат (кокус)[6].

### Үчүнчү баскыч - медиацияны аяктоо

Медиацияны аяктоо, анда жыйынтыктар чыгарылат жана медиативдик келишимди аткаруу менен байланышкан уюштуруу маселелери чечиле турган жыйынтыктоочу баскыч болуп саналат.

Бул баскычта медиатор төмөнкү **маселелерди** чечет:

1) Медиация жол-жобосунун жүрүшүн жана натыйжаларын тараптар менен талкулоо;
2) Медиативдик келишимди аткаруунун жүрүшү жөнүндө катышуучуларды маалымдоонун тартибин макулдашуу;
3) Медиативдик келишимди аткаруунун жүрүшүндө тараптарга маалыматтык колдоо көрсөтүү;
4) Медиативдик келишимди аткаруу боюнча тоскоолдуктарды жоюуда тараптарга көмөк көрсөтүү (алар пайда болгон учурда)

## 1.5. Медиация жол-жобосун өткөрүүнүн этаптары

### Медиатордун киришүү сөзү

Медиация жол-жобосун өткөрүү *медиатордун киришүү сөзүнөн* башталат.

> 💡 Медиатордун киришүү сөзүнүн негизги максаты – тараптарды сүйлөшүүлөргө даярдоо, б.а. медиация процессин сүйлөшүүлөрдүн катышуучуларына ачык айкын жана алдын ала айтыла тургандай түшүндүрүп берүү.

Бул үчүн медиаторго төмөнкү **маселелерди** чечүү зарыл:

1) тараптар менен таанышуу жана конструктивдик контакт түзүү;

[6] Там же с. 89

2) тараптардын өзүнүн чыр-чатагын жөнгө салууга даярдыгын сурап билүү жана аларды медиацияны өткөрүүдөгү негизги принциптер жана жүрүм-турумдун эрежелери тууралуу маалымат берүү;
3) медиациянын сессиясында эмнелер болуп өтөөрүн түшүндүрүп берүү;
4) медиация процессинде тараптардын жоопкерчилиги тууралуу жана медиатордун ролу жөнүндө түшүндүрүү;
5) иштөө регламентин аныктоо;
6) медиаторго ишенимдүүлүк атмосферасын, коопсуздук жана тараптардын тең укуктуулук сезимин түзүү;
7) тараптардын суроолоруна жооп берүү жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү мезгилине тараптардын бардык зарыл муктаждыктарын камсыз кылуу.

## Тараптардын презентациясы

Сүйлөшүүлөрдүн жол-жобосу жөнүндө келишимге жетишкенден кийин медиациянын кезектеги этабы башталууда – *тараптардын презентациясы.*

Презентациянын негизги максаты – тараптарга алар менен эмне болгону жана алар чыр-чатактын (талаштын) кырдаалын кандай көрүшөөрүн айтып бергенге мүмкүнчүлүк берүү.

Бул этапта медиатордун негизги **маселелери:**
1) алдын ала алардын баяндоолорунун кезектүүлүгүн белгилеп, тараптарды кунт коюу менен угуу ;
2) жол-жобонун бузулушуна жол бербөө;
3) тараптардан алардын презентациялоодо айткандарын туура түшүнгөндүгүңүздү тактоо, б.а. талаштын келтирилген кырдаалын сиз кандай түшүнгөндүгүнуз тууралуу, чыр-чатактык кырдаалдын фактыларын белгилөө менен, ал фактыларды тараптардын кабыл алышы (алардын интерпретациясы) жана пайда болгон эмоциялар (болгон окуяларга мамилеси) жөнүндө ачык кайтарым байланышты берүү;
4) тараптардын бири бирине берген баанын агрессиялуулугун төмөндөтүү;
5) тараптардын бири бирин укпай, сөзүн бөлүүгө жол бербөө;
6) кордогон сөздү айтууга жол бербөө;
7) тараптардан алар сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында эмнени алгысы келерин аныктоо.

## Сүйлөшүүлөрдүн темасын жана талкулоо үчүн суроолорду аныктоо

Сүйлөшүүлөрдүн темасын жана талкулоо үчүн суроолорду аныктоо классикалык медиациянын кийинки этабы болуп саналат жана тараптарга өздөрүнүн

эмоциясын айтууга, кызыктырган суроолорду бири бирине берүүгө, өзү үчүн чыр-чатак тууралуу маанилүү маалыматты ачуу жана түзүлүп калган кырдаалды алар кантип өзгөрткүлөрү келээрин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

💡 Бул этаптын негизги максаты – башталган сүйлөшүүлөрдүн суроолорун түзүү.вопросы начавшихся переговоров.

Бул этапта медиатордун негизги **маселелери:**

1) медиатордун башкаруусунда тараптарга өздөрүнүн эмоцияларын айтууга мүмкүнчүлүк берүү («эмоцияларды вентиляциялоо»);
2) өз ара акарат кылууга жол бербөө;
3) чыр-чатактык эмоциялуу терeңдигин түшүнүү;
4) тараптардын эмоцияларын айткандыгынан чыр-чатактын чыңалуусуна жол бербөө;
5) чыр-чатактын маңызы жөнүндө кошумча маалымат алуу;
6) сүйлошүүлөрдүн каалаган жыйынтыгына карата тараптардын позициясын тактоо;
7) тараптардын өзүнүн кызыкчылыктарын түшүнүү боюнча иштерди баштоо;
8) келишүүгө келе турган суроолор боюнча, негизги суроолорду бөлүп көрсөтүү;
9) тараптар менен мындан ары иштешүү үчүн кокус өткөрүү зарылбы байкап баалоо керек;
10) эгерде медиатор кокус керек эместигин көрүп, тараптар теманы аныктоого жана мындан кийинки сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө даяр болушса, конструктивдүү сүйлөшүүлөрдү уюштуруу зарыл;
11) тараптардын диалог процессине катуу контролду сактоо менен, тараптарга өз ара сүйлөшүүгө уруксат берүү[7].

## Талашты чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу

💡 Бул этаптын негизги милдети – чыр-чатакты жеңип чыгуу ыкмаларын иштеп чыгуу.

Бул этапта медиатордун **маселелери**:

1) тараптардын сунуштарын талкулоону уюштуруу;
2) макулдашылган чечимди иштеп чыгууга көмөктөшүү;
3) тараптарга жардам көрсөтүү:
   - чечимдин укуктук корректүүлүгүн баалоодо;

[7] Карпенко А.Д., Осиновский А.Д. и др. Учебник Медиация С-Петербург 2012 г. с. 227-229

- чечимдин аткарылышын баалоодо;
- келишкендиктерди аткарбаганда кесепеттерди аныктоодо;

4) талкулоонун жыйынтыгын жазып белгилеп коюу жана келишимдин долбоорун даярдоо тартибин макулдашуу.

## Тараптар менен жекече иш жүргүзүү (кокус)

*(Факультативдүү этап).*

💡 Жекече иш жүргүзүүнүн негизги милдеттери – тоскоолдуктарды жоюу жана сүйлөшүүлөрдө тараптардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө шарттарды түзүү.

Жекече иштөөнүн жүрүшүндө, ар бир конкреттүү медиация үчүн туюндурмаланган ар түрдүү маселерди чечүү мүмкүн.

Медиацияда тараптар менен жекече иш алып баруу мүмкүнчүлүгү, анын максаттары жана ишке ашыруу тартиби жөнүндө медиатор катышуучуларды **киришүү сөзүндө маалымдайт.**

Тараптар менен медиация жол-жобосунун конкреттүү этабында жекече иш алып баруу зарылдыгын медиатор аныктайт, ал өзүнүн чечимин тараптарга билдирет жана аны өткөрүүнү уюштурат.

Ар бир тарапка жекече иш алып барууга (кокуска) бирдей убакыт белгиленет (мисалы *20 мин*.).

💡 Кокус медиатор тарабынан башталат жана аякталат.
Анда тараптар үчүн алардын позицияларын коопсуз тактоо, алар тарабынан алардын чындык кызыкчылыгын түшүнүү, ошондой эле өзүнүн эле позициясын эмес, башка тараптын да позициясын талдоо жүрөт.

Кокуста ачкычтуу момент болуп *тараптын кызыкчылыгын табуу саналат.* Ушул максат менен суроолордун системасы колдонулат, алардын жардамы менен кайсы бир гипотеза тургузулат, ал кийин сөзсүз текшерилет. Эреже катары, тараптын жооптору медиаторду мындан мурунку баскычтарда айтылган

позициялар абалдын чындыгын чагылдырышпайт деген жыйынтыкка алып келет[8].

## Медиативдик келишимди түзүү жана аны тариздөө

Медиативдик келишимди түзүү – бул медиация жол-жобосунун этабы, мында тараптар жетишилген келишкендиктерди жалпылашат жана тариздешет.

Бул этапта медиатор төмөнкү **маселелерди** чечет:

1) келишимдин долбоорун даярдоону камсыздоо;
2) долбоорду талкулоону уюштуруу;
3) долбоорго киргизилчү түзөтүүлөрдү макулдашуу;
4) келишимдин текстин тариздөөнү уюштуруу жана ага кол коюу.

Медиативдик макулдашуу жазуу жүзүндө тузүлөт (*Медиация жөнүндө мыйзамдын 22-бер.*).

Медиациялык макулдашууда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт *(ушул окуу куралына №2 Тиркемедеги үлгүнү караңыз)* :

1) макулдашуу түзүлгөн дата жана жер;

2) талаштын тараптарынын фамилиясы, аты жана атасынын аты же аталышы;

3) талаштын тараптарынын өкүлдөрүнүн фамилиясы, аты жана атасынын аты же аталышы алардын ыйгарым укуктарын ырастоочу документтердин реквизиттерин көрсөтүү менен;

4) талаш предметинин сыпатталышы;

5) медиация жол-жобосун жүргүзүүгө катышкан медиатордун же медиаторлордун фамилиясы, аты жана атасынын аты;

6) макулдашуунун шарттары, аларды аткаруунун ыкмалары жана мөөнөттөрү жана аларды аткарбоонун же талаптагыдай эмес аткаруунун кесепеттери;

7) мыйзамдардын талаптарына каршы келбеген башка шарттар.

[8] Карпенко А.Д., Осиновский А.. и др. Учебник Медиация С-Петербург 2012 г. с. 219

Медиациялык макулдашуу тараптардын каалоосу боюнча **нотариус тарабынан** же нотариат жөнүндө мыйзамдарга ылайык нотариаттык аракеттерди жасоого ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан ырасталышы мүмкүн.

Медиациялык макулдашуу тараптар тарабынан кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет. Нотариат тарабынан ырасталгандын артыкчылыгы, документтердин баарына нотариустун көз алдында кол коюлат, жана нотариус нотариалдык аракетти жасоо үчүн кайрылышкан бүтүмдүн катышуучуларынын жана башка жактардын кол тамгасынын түпнускалыгын текшерет.

Медиация тараптары медиациялык макулдашуунун шарттарын аткаруу үчүн **нотариустун аткаруу жазуусун** жүргүзүүнү медиациялык макулдашууда кароого укуктуу.

Медиациялык макулдашуу медиациялык сессиянын катышуучуларынын санына барабар түзүлөт. Экземплярлардын санын аныктоодо, түзүлгөн келишим башка адамдарга анын аткарылышына байланыштуу (мисалы, *нотариалдык өндүрүштүн материалдарына, менчик укугуна каттоо жүргүзүүчү органдарга ж.б.*) ишти алып барууга керек болушун эске алуу керек.

Кыргыз Республикасынын **«Медиация жөнүндө» Мыйзамынын 23-б. 1-п.** ылайык медиация тараптар медиациялык келишимге кол койгондо - мындай макулдашууга кол коюлган күндөн тартып токтотулат.

**1-Главанын ачкычтуу жоболору**

- Медиация ортомчулуктун өзгөчө формасы, мында медиатор деп аталган ортомчунун авторитардык, буйрукчул көрсөтмө берүүчү ролу каралбаган, талаштарды жөнгө салуучу альтернативдүү жол – жобо болуп саналат.
- Медиациянын мүнөздөмөсү өзүнө үч көрсөткүчтү камтыйт: укуктук талаштарды жөнгө салуу ыкманын юрисдикциалык эместиги, принциптердин өзгөчө тутуму, өзгөчө уюштурулганы.
- Медиатор талаш боюнча чечим чыгарбайт, талашты чечүүнүн мүмкүн варианттарын сунуштабайт, ал тараптардын ортосунда диалог үчүн гана шарттарды жана мейкиндик түзүүгө көмөк көрсөтөт.
- Дүйнөдө медиацияны колдонуу чөйрөсү кенен, анын ичинде аткаруу өндүрүшү чөйрөсүндө.
- Медиациянын бир топ артыкчылыктары бар. Бирок, медиациянын ийгиликтүү болушуна таасирин тийгизүүчү факторлорду эсепке алуу керек.
- Медиация жол-жобосу өзү менен баскычтардын ырааттуулугун көрсөтөт. Каждая стадия включает в себя несколько этапов. Ар бир баскыч өзүнө бир нече этаптарды камтыйт. Ушуну менен бирге, ар бир баскыч өзүнүн милдетин аткарат, ал эми ар бир этапта белгиленген маселелер чечилет.

**1 – Главага карата контролдук суроолор**

1. Медиация деген эмне?
2. Медиациянын мүнөздөмөсү кандай көрсөткүчтөрдү өзүнө камтыйт?
3. Медиация кайсы чөйрөлөрдө колдонулса болот?
4. Медиация кайсы принциптерде жана кепилдиктерде негизделет?
5. Сиз медиациянын кайсы артыкчылыктарын белгилей аласыз?
6. Сизге медиациянын кайсы баскытары жана  этаптары белгилүү?
7. Медиациянын ийгиликтүү болушуна таасирин тийгизүүчү кайсыл факторлорду эсепке алуу керек?
8. Медиацияга даярдануу кайсыл документ менен аяктайт?
9. Медиациянын соттон кайсыл айырмачылыктары Сизге белгилүү?

## 2 -ГЛАВА. МЕДИАЦИЯ АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮНДӨ

### 2.1. Медиациянын укуктук негиздери

💡 Медиация - талашкан тараптардын өз ара алгылыктуу макулдашуусуна жетишүү максатында алардын кызыкчылыктарын макулдашуу жолу менен медиатордун (медиаторлордун) көмөк көрсөтүүсүндө талашты жөнгө салуу жол-жобосу (*Медиация жөнүндө мыйзамдын 2-бер. 1-п.*).

💡 Медиатор - Медиация жөнүндө мыйзамдын_талаптарына жооп берүүчү, медиацияны жүргүзүүдө тараптарга жардам көрсөтүүчү көз карандысыз жеке жак (*Медиация жөнүндө мыйзамдын 2-бер. 2-п.*).

Медиация жөнүндө мыйзам медиацияны жарандык, анын ичинде ишкердик жана башка экономикалык иштерден, үй-бүлөлүк жана эмгектик укук мамилелеринен келип чыгуучу талаштарга карата колдонууга байланышкан мамилелерди жөнгө салат (***Медиация жөнүндө мыйзамдын 1-бер.1-п.***).

Жогорудагылардын негизинде, Медиация жөнүндө мыйзам тараптар арасында талаш бар уч чөйрөдө медиацияны жөнгө салууга багытталганы жөнүндө жыйынтык чыгарууга мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” мыйзамына (мындан ары Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам) ылайык аткаруу документтерин реалдуу, толук жана өз убагында аткарууну камсыз кылуу аткаруу өндүрүшүнүн максаты болуп саналат. Аткаруу өндүрүшүнүн милдети жеке жана юридикалык жактардын бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү болуп саналат (**Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын *1-бер. 1-б. жана 2-бер. 1-б.***).

Аткаруу өндүрүшүнүн алкагында укуктук талаш пайда болбойт, анткени ал берилген жана соттук тартипте чечилген. Бирок аткаруу өндүрүшүнүн тараптарынын ортосунда чыр-чатактын уландысы болушу мүмкүн, ал сот актысын же башка органдын актысын аткаруу үчүн кошумча тоскоолдукторду жаратат. Тоскоолдуктар өз кезегинде аткаруу өндүрүшүнүн максаттарына жана милдеттерине жетүүгө негативдүү таасирин тийгизет. Ошондуктан, аткаруу өндүрүшүндө чыр-чатакты медиатордун жардамы менен жөнгө салуунун предмети болуп талаштын маңызы боюнча тараптардын пикир келишпестиги эмес, чечимдин аткаруусун камсыз кылууга багытталган маселелер саналат.

Новицкая Л. Ю. белгилегендей «*соттук чечимдердин жана башка юрисдикциялык органдардын актыларынын аткарылышынын узактыгынын жана жыйынтыксыздыгынын себептери болуп соттук приставдардын-аткаруучулардын аппаратындагы жүктөмдүн көптүгү жана чатакташып жаткан тараптардын иш жүзүндө каршылык көрсөтүүлөрү саналарын укукколдонуу практикасынын талдоосу жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк берет*»[9].

Медиация жөнүндө мыйзамда мыйзам чыгаруучу, медиация сотко кайрылганга чейин да, соттук териштирүүнүн, бейтарап соттук териштирүүнүн жана аткаруу өндүрүшүнүн убагында да жүргүзүлүшү мүмкүндүгүн аныктаган (***Медиация жөнүндө мыйзамдын 18-бер.2-б.***). Демек, аткаруу өндүрүшүндө мыйзам чыгаруучу медиацияны колдонууга тыюу салбайт, аны колдонуучулугуна жол берет.

Бирок, аткаруу өндүрүшүнүн чөйрөсүндө медиацияны пайдалануу **шарттары** жана **тартиби** азыркы учурда Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам тарабынан регламентацияланган эмес.

Окуу куралынын авторлору келечекте медиация жөнүндө, аткаруу өндүрүшү тууралуу жана жарандык процесс жөнүндө мыйзамдарды жакшыртууда мыйзам чыгаруучу керектүү түзөтүүлөрдү киргизет деп үмүттөнүшөт. Мисалы, мурда казакстандын 2011-жылдагы Медиция жөнүндөгү мыйзамы аткаруу өндурүшү баскычында медиацияны пайдалануу мүмкүнчүлүгүн караган эмес. 2014-жылы Медиция жөнүндөгү жана аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдарына түзөтүүлөр киргизилген. 2014-жылдан Казак Республикасынын «Аткаруу өндүрүшү жана соттук аткаруучулар тууралуу» 2010-жылдын 10-апрелиндеги № 261- IV Мыйзамы боюнча аткаруу өндүрүшүнүн тараптары медиатордун жардамы менен талашты жөнгө салуу тууралуу келишимди түзүүгө укуктуу, ал аткаруу өндүрүшүн токтотуу үчүн негиз болуп саналат (***47-бер. 1-б. 2-п. 2-1 подпункту***)[10].

Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамда сот аткаруучу тарабынан аткаруу өндүрүшүн токтотуу башка негиздерден бөлөк, дагы төмөндөгү эки учур көрсөтүлгөн (*Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 111-бер. 1 жана 2 п.*):

---

[9] Новицкая Л. Ю. Проблемы процедуры медиации в исполнительном производстве и возможные пути их решения. Журнал «Экономика. Право. Общество». 2016, №3 (7), с. 71-75.
[10] См.: https://online.zakon.kz/document/?doc_id=30617206#pos=63;-53

- өндүрүп алуучу өндүрүп алуудан баш тартканда;

- өндүрүп алуучу менен карызкордун ортосундагы жарашуу макулдугу сот тарабынан бекитилгенде.

Демек, тараптардын медиациялык макулдашуусунун шарттарына жараша аткаруу өндүрүшүнүн аяктоо мүмкүн:

1) Аткаруу документтин талаптарынын иш жүзүндө аткарылышына байланыштуу;

2) өндүрүп алуучу өндүрүп алуудан баш тартканда;

3) аткаруу документинин талаптарын аткаруу тартиби тараптар тарабынан аныкталганына байланыштуу, ал сот тарабынан жарашуу макулдугу сапатында бекитилген учурда.

Медиация **жазык-укуктук мамилелерден** келип чыгуучу талаштарга карата, мыйзамда түздөн-түз каралган учурларда колдонулат. Мисалы, *медиация жазык-укуктук мамилелерден келип чыгуучу талаштарга тараптардын жарашуусу аркалуу жүргүзүлөт. Жабырлануучу менен шектүүнүн ортосунда жарашууга жекече-жалпы айыптоо иштери боюнча өндүрүштө жетишүү мүмкүн (УПК-нын 23-ст. 3-б.).*

Белгилей кетсек, жазык-укуктук чөйрөдөгү медиация окуу куралынын чегинен чыгып турат, анткени Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам жазык-укуктук мамилелерди сот аткаруучунун катышуусунда жөнгө салбайт, ошондуктан бул чөйрө окуу куралында жазылган эмес.

## 2.2. Медиация жана сот аткаруучунун милдеттери

Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамда сот аткаруучуга медиатор болууга жана медиациянын жол-жобосун жүргүзүүгө уруксат берген ченем жок.

Бирок, Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам боюнча сот аткаруучу аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда каралган башка милдеттерди аткарат (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам*** ***12-бер. 2-б.***). Алардын кээ бирлерин карасак.

Сот аткаруучу аткаруу документинин реалдуу, толук жана өз убагында аткарылышы үчүн мыйзамда каралган чараларды көрүүгө милдеттүү (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам*** ***12-бер. 2-б. 1-п.***).

⚠ Демек, сот аткаруучуга тараптар медиацияга кайрылууга мүмкүнчүлүк берген чараларды көрүүгө мыйзам **тыюу салбайт**. Медиация ийгиликтүү бүтүрүлгөндө аткаруу өндүрүшү аткаруу документинин талаптарынын аткарылышына байланыштуу же аткаруу

өндүрүшүнүн токтотулушуна байланыштуу аякталат.

Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам сот аткаруучуну тараптарга алардын укуктарын жана милдеттерин, мыйзамдын жоопкерчилик жөнүндө жоболорун **түшүндүрүүгө** жана алардын мыйзамда корголуучу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо **жигердүү жардамдашууга;** аткаруу өндүрүшүнүн тараптарына жана алардын өкүлдөрүнө укуктарын пайдаланууга жана мыйзамда каралган милдеттерин аткарууга **мүмкүндүк берүүгө** милдеттендирет милдеттүү (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам 12-бер. 2-б. 2 жана 3-п.***).

Бул милдеттерди аткаруунун алкагында, сот аткаруучу тараптарга медиациянын маңызын жана принциптерин түшүндүрүү үчүн медиатор менен **маалыматтык жолугушуу** өткөрүү укугун тушүндүрүшү мүмкүн, жана тараптар чыр-чатакты медиация алкагында жөнгө салууга макул болгон учурда медиацияны колдонуу жөнүндөгү келишимдин шарттарын макулдашат (***Медиация жөнүндө мыйзамдын 20-бер.***).

⚠ Сот аткаруучу бир тарапка түшүндүрүшү мүмкүн, мисалы, жоопкерге же анын өкүлүнө, медиация жол-жобосуна кайрылууну өндүрүүчүгө **сунуштоо** укугун.

Сот аткаруучу тараптарга жардам көрсөтө алат:

1) медиация жөнүндө мыйзам боюнча **маалымат** берет;

2) медиаторлордун жалпы республикалык реестри тууралуу, медиаторлордун региондо аракеттенген уюмдары тууралуу **маалымат** берет[11];

3) аткаруу өндүрүшүндөгү практикада медиацияны колдонуунун ийгиликтүү тажрыйбасы жөнүндө **маалымат** берет;

4) медиаторду чакырып жана тарапка/тараптарга жолугушууну уюштурууга жардам берүү.

💡 Сот аткаруучу түшүндүрүүнү жана маалыматты качан бере алат? Мисалы, төмөнкү кырдаалдар болушу мүмкүн:

- *өндүрүүчү же анан өкүлү аткаруу документин жана аткаруу документин кабыл алуу жонүндө арыз берүү учурунда;*

- *аткаруу документин аткарууга кабыл алгандан кийин;*

- *аткаруу документин аткарууга кабыл алуудан баш тартуу*

[11] См.: http://mediator.kg/mediators/

*тууралуу токток чыгаргандан кийин;*

*карызкорго аткаруу документин ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунушту тапшыруу учурунда;*

*- карызкордон аныкталган форма боюнча жоопкердин мүлккө болгон укугу жөнүндө билдирүүнү алуу учурунда;*

*- Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам менен белгиленген кайсы бир башка аткаруу аракеттерин жасаган учурларда..*

Аткаруу өндүрүшүнүн тараптары **өтүнүч** келтирүүгө укуктуу.

Мыйзам тыюу салбайт, мисалы, *карызкорго* медиацияны пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү жөнүндө өтүнүч келтирүүгө.

Өз кезегинде, сот аткаруучу тараптардын өтүнмөлөрүн кароого жана алар боюнча токтомдорду чыгарууга милдеттүү (*Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам* *12-бер. 2-б. 4-п.*).

Мындай кырдаалда кандай болуш керек? Аракеттенүүнүн эки варианты келтирилет:

**Биринчиси**: баш тартууну Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам мындай кырдаалдарды жөнгө салбайт деп негиздеп сот аткаруучу мындай өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуусу мүмкүн.

**Экинчиси**: сот аткаруучу бул өтүнүчтү конкреттүү жагдайларды эсепке алуу менен канааттандыруусу мүмкүн (мисалы, *эгерде башка тарап каршы болбосо)* жана, эң башкысы, медиация жана аткаруу документтерин аткарылышы **белгиленген мөөнөттүн** алкагында.

Иштин талдоосунан жана конкреттүү жагдайлардан сырткары сот аткаруучу медиация жол-жобосун өткөрүү мөөнөтүн жана аткаруу документтин аткаруу мөөнөтүн баалоого тийиш.

Мында **мүлктү сатуу** менен байланышкан аткаруу документтердин аткарылышы аткаруу документин сот аткаруучу алган күндөн баштап **алты айдан ашпаган** мөөнөттө бүткөрүлүшү керек, ал эми башка учурларда – **төрт айдан ашпаган** мөөнөттө (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам*** ***40-бер.***).

Медиация жөнүндө мыйзам менен аныкталган: Медиация жүргүзүү мөөнөттөрү медиацияны колдонуу жөнүндө келишимде аныкталат жана **алтымыш календардык күндөн** ашпоого тийиш. Медиация жүргүзүүнүн мөөнөтү медиация тараптарынын макулдашуусу боюнча **отуз календардык күндөн** ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн (**Медиация жөнүндө мыйзам 17-бер.**).

Демек, медиация 3 айга чейинки убакытты талап кылышы мүмкүн жана сот аткаруучуда дагы үч ай калат экен. Эгерде, тараптар медиативдик макулдашууга келишсе жана сот жарашуу макулдашуусун бекитсе, анда аткаруу өндүрүшүн токтотуу боюнча чараларды көрүү үчүн мөөнөт жетиштүү эле. Эгерде тараптар медиациялык макулдашууга келишпесе, анда сот аткаруучу Аткаруу мыйзамында көрсотүлгөн мөөнөттүн ичинде аткаруу аракеттерин кенен эле жетише алат.

Ошондой эле, аткаруу өндүрүшүндөгү аяктай элек бардык мөөнөттөрдүн өтүшү аткаруу өндүрүшүн убактылуу токтотуп туруу менен бир убакта токтотулуп турарын жана аткаруу өндүрүшү кайтадан башталган күндөн тартып мөөнөттөрдүн өтүшү улантыларын сот аткаруучу көңүлүнө алышы керек (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам*** ***41-бер.***).

Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам тарабынан белгиленген учурларда аткаруу өндүрүшү **токтото турууга жатат** (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам*** ***109-бер.1-б***). Ошондуктан аткаруу өндүрүшүн токтото туруу мезгилинде тараптар медиацияга кайрылуу мүмкүнчүлүгүн пайдалануусу мүмкүн.

Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам качан аткаруу өндүрүшү токтотула туруу **мүмкүндүгүн** аныктаган, мисалы, *өндүрүп алуучунун өтүнүчү болгондо* (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам*** ***109-бер.3-б***).

Аткаруу өндүрүшү аткаруу өндүрүшүн токтото туруу үчүн негиз болуп кызмат кылган жагдайларды четтетүүгө чейин сот аткаруучу тарабынан токтотула турат. Мисалы, *өндүрүп алуучунун суранычы менен токтото турган учурда аткаруу өндүрүшүн кайра жаңылоо жөнүндө өндүрүп алуучудан арыз түшкөнгө чейин* (***Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам*** ***110-бер.1-б. 2-п***).

💡 Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам мындай суранычтарды келтирүү **негиздерин** аныктабайт жана өндүрүп алуучунун суранычы менен аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун **мөөнөттөрүн чектебейт.**

Эгерде медиатор сүйлөшүү жол-жобосун тараптардын кызматташусуунун негизинде уюштурууга жетишсе, өз ара ишеним атмосферасын түзүүнү камсыз кылса, анда өндүрүп алуучу медиация бүткөнгө чейин аткаруу өндүрүшүн токтото туруу мүмкүнчүлүгүн пайдалана алат.

⚠ Сот аткаруучу иштин конкреттүү жагдайларын эсепке алуу менен өндүрүп алуучунун медиация бүткөнгө чейин аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жөнүндө өтүнүчүн канааттандыра алат, жана жогоруда белгилегендей аткаруу документтеринин аткаруу жана медиациянын аныкталган мөөнөттөрүнө зыян келтирилбестен.

Аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жөнүндө токтом чыгарылат (ушул окуу куралынын № 3-Тиркемеси).

Тараптарга алардын укуктарын жана жардамды түшүндүргөндөн сырткары сот аткаруучу майнаптуу коммуникация чөйрөсүндө медиациялык техникаларды, сүйлөшүү технологияларын колдонушу мүмкүн. Бул жөнүндө «Ораторское мастерство и искусство управления конфликтом в деятельности судебного исполнителя»[12] аталышындагы, таанышууга сунушталган, окуу куралында толук жазылган.

Аткаруу өндүрүшүндө майнаптуу жүргүзүлгөн коммуникация жакшы натыйжа бериши мүмкүн. Бул болушу мүмкүн, мисалы, *аткаруу документти карызкор өз ыктыяры менен аткарышы, өндүрүп алуучунун өндурүүдөн баш тартуусу, тынышуу макулдашуусун түзүү жана аткаруу өндүрүшүн токтотуу.*

## 2.3. Медиациянын натыйжасында өндүрүп алуучунун өндүрүүдөн баш тартуусу

Аткаруу өндүрүшүнүн тараптарынын аткаруу документи боюнча консенсуска жетишкендиги медиациянын жардамы менен жетишүүсү мүмкүн.

Медиациялык макулдашуусуна жана/же тынышуу макулдашуусуна тараптар кол койгондон кийин өндүрүп алуучу өндүрүүдөн баш тартууга же болбосо тынышуу макулдашуусун бекитүү үчүн сотко кайрылышы мүмкүн (*бул жөнүндө толугураак кийинки бөлүктө чагылдырылат).*

Белгилей кетсек, Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам өндүрүп алуучунун ага өткөрүлүп берилип жаткан карызкордун мүлкүн **алуудан** баш тартуу учурларын жана кесепеттерин жөнгө салат. Ал эми **өндүрүп алуучу өндүрүүдөн баш тартканы** менен байланышкан маселелер аныкталган эмес.

⚠ Мындай кырдаалда сот аткаруучуга, өндүрүп алуучудан карызкордон өндүрүп алуудан баш тартуусун кабыл алуу керектиги, өндүрүп алуучу өндүрүүдөн баш тартуусу анын укугу болуп саналарын эсепке алуу сунушталат, ал мыйзамга каршы келбейт, жана медиациялык макулдашуу да бар.

Мындай учурда сот аткаруучу тарабынан:

- аткаруу өндүрүшүн токтотуу жөнүндө токтом чыгарылат, *Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 112-бер. эрежелери боюнча;*

- өндүрүп алуучудан аткаруу жыйымы өндүрүлөт, *Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 129-бер. эрежелери боюнча;*

[12] Будут указаны авторы и реквизиты пособия при направлении в типографию.

## 2.3. Медиациянын натыйжасында тынышуу макулдашуусу

Сот тарабынан өндүрүп алуучу менен карызкордун ортосунда **тынышуу макулдашуусу** бекитилгенде, аткаруу өндүрүшү сот аткаруучу тарабынан **токтотулган** учурду карайбыз (окуу куралынын №6 Тиркемесин караңыз).

Эгерде, медиация жол-жобосун жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча медиациянын тараптары медиациялык макулдашууну түзүшсө, анда кийинки кадам – сотко кайрылуу. Анткени Медиация жөнүндө мыйзамга ылайык медиациялык макулдашуунун негизинде сот Кыргыз Республикасынын ГПКне ылайык **тынышуу макулдашуусун бекитүүсү** мүмкүн (**Медиация жөнүндө мыйзам 22-бер. 4-б.).**

Кыргыз Республикасынын ГПКне ылайык аткаруу өндүрүшүнүн жүрүшүндө өндүрүп алуучунун, карызкордун же эки тараптын тең тынышуу макулдашуусун бекитүү тууралуу арызы **аткаруу документин берген сотко,** же **аткаруу документтин аткаруу орду боюнча сотко** берилиши мүмкүн (ГПК-нын 412-бер. 1-б.).

Өндүрүп алуучу бир мезгилде сот аткаруучуга сот тарабынан тынышуу макулдашуусун бекитүү тууралуу арызды кароо мезгилине аткаруу өндүрүшүн **токтото туруу** жөнүндө арыз берүүсү зарыл.

💡 Тынышуу макулдашуусун бекитип берүү тууралуу арыз сот тарабынан ал келип түшкөн күндөн бир айлык мөөнөттө *ГПК-нын 175-ст.* эрежелери боюнча *ГПК-нын 413-ст.* аныкталган өзгөчөлүктөр менен каралат.

Арызды караган натыйжасы боюнча сот тынышуу макулдашуусун **бекитүү** тууралуу же тынышуу макулдашуусун бекитүүдөн **баш тартуу** тууралуу аныктама чыгарат, мисалы *эгерде бул аракеттер мыйзамга каршы келсе же башка жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын бузса* (***КР ГПК-нин 43-ст. 4-б.***).

Тынышуу макулдашуусу сот тарабынан бекитилген учурда сот аткаруучу аткаруу өндүрүшүн **токтотуу** боюнча чараларды кабыл алышы керек. Алардын арасында аткаруу өндүрүшүн **кайра жаңыртуу** жөнүндө (*ал токтото турулган учурда*) жана аткаруу өндүрүшүн **токтотуу** жөнүндө (окуу куралынын №4 жана №5 Тиркемелери).

💡 Мындайда аткаруу жыйымы карызкордон жана өндүрүп алуучудан бирдей үлүштө өндүрүлөт (*Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 129-бер. 3-б.).*

## 2.4. Медиацияны колдонуу үчүн башка мүмкүн болуучу кырдаалдар

Аткаруу өндүрүшүнүн алкагында медиация колдонулушу мүмкүн болгон башка кырдаалдарды мисал катары карап көрөлү.

Мында баалоочуну дайындоо жана мүлктү баалоону жүргүзүү жөнүндө сот аткаруучу токтом чыгарат **(Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 61-бер. 1-б.).**

⚠ Сот аткаруучу эгерде тараптар мүлктүн наркы жөнүндө макулдашууга жетишсе, сот аткаруучу баалоо жөнүндө токтом чыгарбайт.

Тараптар жана/же алардын өкүлдөрү мүлктү баалоо жөнүндө жазуу жүзүндө макулдашуу түзүшөт жана ага кол коюшат.

Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 78-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде ушул Мыйзамда башкача белгиленбесе, карызкордун мүлкүн сатуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте аныкталган жана тартылган адистештирилген уюмдар тарабынан сатуу жолу менен же ушул Мыйзамда каралган тартипте электрондук тоорук аркылуу сот аткаруучу тарабынан жүзөгө ашырылат.

Адистештирилген уюм сатылуучу мүлк жөнүндө маалыматты Интернеттин маалыматтык-телекоммуникациялык тармагында, ал эми сот аткаруучу электрондук тооруктарда сатылуучу мүлк жөнүндө маалыматты ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтында жайгаштырууга милдеттүү.

Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 80-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, карызкордун мүлкүн адистештирилген уюмга сатуу үчүн өткөрүп берүү кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча сот аткаруучу тарабынан жүзөгө ашырылат.

Адистештирилген уюм сатып алуучуларга мүлктү сунуштаган баа мүлктү баалоодо көрсөтүлгөн мүлктүн наркынан аз болушу мүмкүн эмес (Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 80-б. 1-б.).

Мындай учурда сот аткаруучуга тараптарга же өндүрүп алуучуга карызкордун мүлкүн сатуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипти түшүндүрүүгө жана аткаруу документинин реалдуу, толук жана өз убагында аткарылышы үчүн мыйзамда каралган чараларды көрүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

## 2-Главанын ачкычтуу жоболору

- Медиация жөнүндө мыйзам медиацияны жарандык, анын ичинде ишкердик жана башка экономикалык иштерден, үй-бүлөлүк жана эмгектик укук мамилелеринен келип чыгуучу талаштарга карата колдонууга байланышкан мамилелерди жөнгө салат.
- Аткаруу өндүрүшүндө мыйзам чыгаруучу медиацияны колдонууга тыюу салбайт, анын колдонуучулугуна жол берет.
- Аткаруу өндүрүшүнүн алкагында укуктук талаш пайда болбойт, анткени ал берилген жана соттук тартипте чечилген. Аткаруу өндүрүшүндө чыр-чатакты медиатордун жардамы менен жөнгө салуунун предмети болуп талаштын маңызы боюнча тараптардын пикир келишпестиги эмес чечимдин аткаруусун камсыз кылууга багытталган, маселелер саналат.
- В зависимости от условий медиативного соглашения сторон возможны несколько вариантов окончания исполнительного производства.
- Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамда сот аткаруучуга медиатор болууга жана медиациянын жол-жобосун жүргүзүүгө уруксат берген ченем жок. Бирок, мыйзам сот аткаруучуга мыйзамда каралган чараларды көрүүгө тыюу салбайт, анын натыйжасында тараптар аткаруу документинин реалдуу, толук жана өз убагында аткарылышы үчүн медиацияга кайрылуусу мүмкүн.
- Сот аткаруучу тараптарга медиация жөнүндө түшүндүрүү жана маалымат берүүсү мүмкүн, мисалы, сот аткаруучу тараптарга медиациянын маңызын жана принциптерин түшүндүрүү үчүн медиатор менен **маалыматтык жолугушуу** өткөрүү укугун тушүндүрүшү мүмкүн, жана тараптар чыр-чатакты медиация алкагында жөнгө салууга макул болгон учурда медиацияны колдонуу жөнүндөгү келишимдин шарттарын макулдашат. Тараптарга алардын укуктарын жана жардамды түшүндүргөндөн сырткары сот аткаруучу майнаптуу коммуникация чөйрөсүндө медиациялык техникаларды, сүйлөшүү технологияларын колдонушу мүмкүн.
- Аткаруу өндүрүшүнүн тараптары **өтүнүч** келтирүүгө укуктуу, анын ичинде медиация жөнүндө.
- Сот аткаруучу иштин конкреттүү жагдайларын эсепке алуу менен өндүрүп алуучунун медиация бүткөнгө чейин аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жөнүндө өтүнүчүн канааттандыра алат, жана жогоруда белгилегендей аткаруу документтеринин аткаруу медиациянын аныкталган мөөнөттөрүнө зыян келтирилбестен.
- Медиациялык макулдашуусуна жана/же тынышуу макулдашуусуна тараптар кол койгондон кийин өндүрүп алуучу өндүрүүдөн баш тартууга же болбосо тынышуу макулдашуусун бекитүү үчүн сотко кайрылышы мүмкүн.
- Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам өндүрүп алуучунун ага өткөрүлүп берилип жаткан карызкордун мүлкүн алуудан баш тартуу учурларын жана

кесепеттерин жөнгө салат. Ал эми өндүрүп алуучу өндүрүүдөн баш тартканы менен байланышкан маселелер аныкталган эмес. Мындай кырдаалда сот аткаруучуга, өндүрүп алуучудан карызкордон өндүрүп алуудан баш тартуусун кабыл алуу керектиги, өндүрүп алуучу өндүрүүдөн баш тартуусу анын укугу болуп саналарын эсепке алуу сунушталат, ал мыйзамга каршы келбейт, жана медиациялык макулдашуу да бар.

- ГПКнын талаптарына ылайык, медиациялык макулдашуунун негизинде сот тынышуу макулдашуусун бекитүүсү мүмкүн.
- Тынышуу макулдашуусу сот тарабынан бекитилген учурда сот аткаруучу аткаруу өндүрүшүн токтотуу боюнча чараларды кабыл алышы керек, анын ичинде аткаруу жыйымы карызкордон жана өндүрүп алуучудан бирдей үлүштө өндүрүү боюнча.

**2-Главага контролдук суроолор**

1. Медиацияны колдонуу менен аткаруу өндүрүшүн кайсыл учурларда токтотуу мүмкүн?
2. Сиз тараптарга медиация жөнүндө түшүндүрүүнү жана маалыматты качан бере аласыз?
3. Сиз тараптарга медиациянын маңызын жана принциптерин түшүндүрүү үчүн медиатор менен маалыматтык жолугушуу өткөрүү укугун түшүндүрөсүзбү жана макул болгон учурда тараптарды медиаторго жибересизби?
4. Сиз тараптарга дагы кандай жардам көрсөтө аласыз?
5. Сиздин аракетиңиз, эгерде тарап (тараптар) медиация жөнүндө өтүнүч жана аткаруу өндүрүшүн медиация бүткөнгө чейин токтото туруу жөнүндө сураныч келтиришсе?
6. Аткаруу өндүрүшүнүн тараптарын тынышуу макулдашуусун түзүүгө жиберүү үчүн Сизде кандай ыйгарым укуктар бар?
7. Эгерде медиациялык макулдашуусуна жана/же тынышуу макулдашуусуна тараптар кол койгондон кийин өндүрүп алуучу өндүрүүдөн баш тартса Сиз кандай аракеттерди көрөсүз?
8. Өндүрүп алуучу жана карызкор тарабынан кол коюлган медиациялык макулдашуу аткаруу өндүрүшүн токтотууга негиз болуп саналабы?
9. Аткаруу өндүрүшүнүн алкагында медиация колдонулушу мүмкүн болгон кандай мисалдарды өзүңүздүн практикаңыздан келтире аласыз?

## 2-Главага сот аткаруучунун аракеттеринин контролдук тизмеси

| Аракеттердин тизмеси | V |
|---|---|
| • Региондо иш алып барган медиаторлордун жана алардын уюмдарынын тизмесин байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен түзүү.<br>• Тараптарга медиатор менен маалыматтык жолугушуу өткөрүү укугун түшүндүрүү.<br>• Тараптарга жардам көрсөтүү:<br>- медиация жөнүндө мыйзам тууралуу маалымат берүү;<br>- медиаторлордун жалпы республикалык реестри тууралуу, региондо иш алып барган медиаторлордун уюмдары тууралуу маалымат берүү;<br>- аткаруу өндүрүшүнүн практикасында медиацияны колдонуудагы ийгиликтүү тажрыйба жонүндө маалымат берүү;<br>- медиаторду чакыруу жана тарапка/тараптарга жолугушууну уюштурганга жардам берүү.<br>• Тараптарга алардын укугун түшүндүрүү жана жардам көрсөтүү:<br>- өндүрүп алуучу же анын өкүлү аткаруу документти жана аткаруу документти кабыл алуу жөнүндө арызды тапшыруу убагында;<br>- аткаруу документти аткарууга кабыл алгандан кийин;<br>- аткаруу документин кабыл алуудан баш тартуу тууралуу токтом чыгарылгандан кийин;<br>- аткаруу документин оз ыктыяры менен аткаруу жөнүндө сунушту карызкорго тапшыруу учурда;<br>- белгиленген форма боюнча карызкордун мүлккө болгон укугу жөнүндө билдирүүнү карызкордон алган учурда;<br>- Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзам менен аныкталган аткаруу аракеттерин жасаган кайсы бир башка учурларда.<br>• Тараптардын өтүнүчтөрүн кароо, эгерде тарап медиацияны пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү жөнүндө, анын ичинде медиация бүткөнгө чейин аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жөнүндө өтүнүч келтирсе:<br>- эгерде негиздер болсо, бул өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу;<br>- иштин конкреттүү жагдайларын жана Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын талаптарын эсепке алуу менен өтүнүчтү канааттандыруу.<br>• Өтүнүчтү канааттандырган учурда токтомдорду кабыл алуу, анын ичинде медиация мезгилинде аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жөнүндө. | |

- Эгерде тараптар медиациялык макулдашууга кол коюшса жана сот тарабынан тынышуу макулдашуусу бекитилсе:

- аткаруу өндүрүшүн кайра жаңыртуу жөнүндө (ал токтото турулган учурда) токтом кабыл алуу;

- Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 112-бер. эрежелери боюнча аткаруу өндүрүшүн токтотуу жөнүндө токтом кабыл алуу;

- Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 129-бер. эрежелери боюнча аткаруу жыйымын өндүрүп алуучудан өндүрүү (*эгерде өндүрүп алуучудан карызкордон өндүрүүдөн баш тартса);*

- Аткаруу өндүрүшү тууралуу мыйзамдын 129-бер. 3-б. эрежелери боюнча аткаруу жыйымын өндүрүп алуучудан жана карызкордон бирдей үлүштө өндүрүү.

## ГЛАВА 3. БАШКА ӨЛКӨЛӨРДӨ МЕДИАЦИЯНЫ ЖӨНГӨ САЛУУНУН САЛЫШТЫРМАЛУУ ТАЛДООСУ

Молдова Республикасында, Румынияда жана башка өлкөлөрдө (Франция, Голландия, Латвия, Босния жана Герцеговина, Чехия ж.б.) медиациянын жана медиаторунун статусунун жөнгө салуунун кээ бир маселелеринин салыштырмалуу талдоосунун натыйжасы башка өлкөлөрдө бул институт кантип иштеп жатканын жана бул институт дагы кандай мүмкүнчүлүктөрдү бериши мүмкүн экени жөнүндө жалпы көрүнүш беришет (окуу куралынын №7 Тиркемеси). Окуу куралында бул талдоо угуучулар үчүн маалыматтык материал катары берилет.

Өзүнчө белгилей кетчү нерсе, Молдова Республикасында сот аткаруучу медиатор сапатында да иштеши мүмкүн. Мындан сырткары, аткаруу өндүрүшүндө мыйзам сот аткаруучуну медиациялык усулдарга окшогон усулдарды колдонууну милдеттендирет, мисалы:

*1) Сот аткаруучу* ***сотко чейинки этапта*** *жана* ***аткаруу өндүрүшүн жүргүзүүдө*** *тараптарды жараштырууну ишке ашыруу укугу бар;*

*2) Тараптарды жараштыруу аткаруу өндүрүшүнүн* ***милдеттүү этапы*** *болуп саналат;*

3) *Тараптардын* ***биринин арызы*** *боюнча жарашуу кайталап* ***саны чектелбеген жолу*** *өткөрүлүшү мүмкүн.*

Молдованын Аткаруу кодексине ылайык сот аткаруучу аткаруу өндүрүшүн козгоо жөнүндө аныктамада тараптар, алар жарашуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө билдирүү үчүн, качан милдеттүү келиши керектигин көрсөткөн мөөнөттү аныктайт (***ст. 62***)[13].

Эгерде тараптар аткаруунун шарттары тууралуу макулдашып жатышса, сот аткаруучу бул шарттар көрсөтүлгөн протокол түзөт жана тараптар үчүн алар милдеттүү мүнөздө болушат.

Эгерде тараптар тынышуу макулдашуусун түзүү жөнүндө макулдашып жатышса, сот аткаруучу макулдашуунун шарттарын көрсөтүү менен протокол түзөт, ал аткаруу өндүрүшүн токтотууга негиз болот.

Аткаруунун шарттары тууралуу же тынышуу макулдашуусун түзүү жөнүндө протоколдорго (мындан ары – протоколдор) жарашуу процессинде катышкан аткаруу өндүрүшүнүн тараптары же алардын өкүлдөрү тарабынан милдеттүү түрдө кол коюлат.

Протоколдор сот аткаруучунун колу жана печаты менен күбөлөндүрүлөт, андан кийин ал аткаруу өндүрүшүнүн тараптарына тапшырылат.

Протоколдор аткаруу документтери болуп саналышат.

---

[13] См.: http://continent-online.com/Document/?doc_id=30395643#pos=477;-42

Протоколдор даттанууга жатпайт.

Эгерде, тараптар же алардын бири сот аткаруучунун чакыруусу боюнча келишпесе же жарашуу тынышуу макулдашуусун түзүү менен аяктабаса, сот аткаруучу протокол түзөт жана өндүрүүнү карызкордун мүлкүнө айландырууну жалпы тартипте улантат.

Тараптардын жарашуу жол-жобосу аткаруу өндүрүшүнүн кайсыл бир баскычында тараптардын биринин арызы боюнча кайра жаңыртылышы мүмкүн.

Эскертме бере кетүү керек, жогоруда көрсөтүлгөн жоболор мамлекет өндүрүп алуучу болуп саналган аткаруу документтерге колдонулбайт.

Тынышуу макулдашуусу түзүлө электе сот аткаруучу тарабынан салынган камсыздоо чаралары, өндүрүп алуучунун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча же аткарылганын тастыктаган протоколдун негизинде гана, аткаруучу тарабынан толук же жарым-жартылай бузулууга жатышат.

Эгерде, аткаруу өндүрүшүнүн тараптары мажбурлап аткаруунун чараларын колдоно электе тынышуу макулдашуусун түзүшсө, сот аткаруучуга аткаруу документин толук аткарганда төлөнө турган аныкталган гонорардын 50% өлчөмүндөгү гонорары төлөнүшү керек.

Ошентип, Молдова Республикасында ж**арашууну** аткаруу өндүрүшүндө пайдалануунун артыкчылыктары төмөнкүчө:

1) **Тараптар үчүн акчалай пайда**: *сот аткаруучунун гонорары 50% аз болот; сот аткаруучу канчалык аз аракет жасаса ошончолук аткаруу жыйымы азыраак болот; өндүрүш кыскараак мөөнөттө бүтөт, ага жараша кечигүү үчүн төлөмдөр азыраак болот.*

2) **Мажбурлап аткаруунун шарттары жайлуураак**: *карызкор анын өздүк укуктары менен эркиндиктерин чектей турган чараларды колдонуудан кутулат; тараптар кээ бир камактарды же башка камсыздоо чараларынан бошотуу жөнүндө макулдашып алышы мүмкүн; тараптар аткаруу ыкмасын өзгөртүү жөнүндө макулдашып алышы мүмкүн; тараптар мүлктүн артынан түшүү тартиби жөнүндө макулдашып алышы мүмкүн; тараптар камактагы мүлктү башка мүлк менен алмаштыруу жөнүндө макулдашып алышы мүмкүн; тараптар аткаруунун аткарылышын кийинкиге жылдыруу жөнүндө макулдашып алышы мүмкүн.*

3) ишкердик жана өздүк абройду сактап калуу;

4) мүлктү карызкор үчүн пайдалуураак шарттарда сатуу мүмкүнчүлүгү;

5) ишкана менен тоскоолдуксуз башкаруу мүмкүнчүлүгү.

Таблицада, Молдова Республикасында 2017-2018-жылдардын мезгилинде медиация жолу менен чечилген талаштардын статистикасы келтирилет:

| **Медиация** | **Кайры** | **Түзүлгөн** | **Чечилген** | **Чечилбе** | **Талашты** |
|---|---|---|---|---|---|

| нын чөйрөсү | луулар дын саны | | макулда шуулар дын саны | | чыр-чатак тардын саны | | ген чыр-чатак тардын саны | | чечүүдө катышкан медиаторло лор дун саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017 | 2018 | 2017 | 2018 | 2017 | 2018 | 2017 | 2018 | 2017 | 2018 |
| Жарандык талаштар | 67 | 77 | 54 | 73 | 49 | 67 | 18 | 10 | 1 | 1 |
| Жазык талаштары | 5 | 3 | - | 1 | - | 1 | 5 | 2 | 1 | 1 |
| Укук бузуулар жөнүндө талаштар | 12 | 2 | 8 | 2 | 8 | 2 | 4 | - | 1 | 1 |
| Коммерциялык л талаштар | 169 | 372 | 107 | 264 | 99 | 249 | 70 | 123 | 1 | 1 |
| Үй-бүлөлүк талаштар | 8 | 10 | 3 | 6 | 3 | 5 | 5 | 5 | 1 | 1 |
| Эмгектик талаштар | 9 | 9 | 5 | 8 | 5 | 7 | 4 | 2 | 1 | 1 |
| Башка чөйрөлөр | 6 | 5 | - | - | - | - | 6 | 5 | - | - |
| Жалпы | 277 | 478 | 177 | 354 | 164 | 331 | 113 | | - | - |

## КОРУТУНДУ

Соттук териштирүү баскычындагы талаштарды чечүүнүн альтернативдик ыкмасы катарындай, аткаруу өндурүшүндө да медиация институтунун мааниси кем эмес.

Аткаруу өндүрүшүнүн катышуучулары менен сот аткаруучулар практикада медиация жол-жобосун колдонбой туруп, медиациянын болуш мүмкүндүгү, анын маңызынын түшүнүгү, анын артыкчылыгы жөнүндө маалыматы болбойт.

Аткаруу өндүрүшүндө медиация жол-жобосун колдонуу тараптардын арасында консенсуска жана макулдашууга жетишүүгө, соттук жана башка актыларды ыктыярдуу аткаруу үчүн шарттардын түзүлүшүнө мүмкүндүк берет, ал аткаруу документтеринин реалдуу, толук жана өз убагында аткарылышын камсыздоого таасирин тийгизет.

Медиация аткаруу өндүрүшүн жүргүзүүдө ошол эле субъекттердин ортосунда (өзгөчө ишкердик жана экономикалык мамилелер чөйрөсүндө) укук жөнүндө жаңы талаштардын пайда болушунан алдын ала сактанууга жана аткаруу өндүрүшүнүн майнаптуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтөт, анткени тарап аткаруу өндүрүшүн кечиктирүүгө аракеттенбейт, мисалы, чечимдерди же сот аткаруучунун аракеттерин негизсиз даттануу жолу менен.

## ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛДАР ЖАНА АЛАРГА ТАПШЫРМА

### № 1-мисал

Ижара боюнча карызды өндүрүү жана коммерциялык турак эмес жайды бошотуп коюу боюнча аткаруу документин ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунушту тапшыргандан кийин үчүнчү күнү, карызкор медиатор менен активдүү жолугушуп жаткандыгына байланыштуу ыктыярдуу аткаруу үчүн мөөнөттү бир айга узартып берүү өтүнүчү менен сот аткаруучуга кайрылган. Өндүрүп алуучу менен тынч келишип алуу шарты бар.

### № 1-мисалга тапшырма

1. *Мындай учурда сот аткаруучу кандай аракеттерди жасашы зарыл?*
2. *Бул учурга ылайыктуу негиздөөлөр менен колдонумдуу токтомдорду түзгүлө.*

### №2-мисал

N шаарындагы медиаторлордун уюмунун жетекчиси шаардык САКБнын жетекчисине медиация кабинети иштеш үчүн, анда медиаторлордун кезекчилиги уюштурулат, имараттан турак эмес жай бөлүштүрүп берүү өтүнүчү менен кайрылган.

### №2-мисалга тапшырма

1. *Медиаторлордун уюмунун жетекчисинин кайрылганы мыйзамченемдүүбү?*
2. *Мындай учурда шаардык САКБнын жетекчиси кандай чечим кабыл алышы мүмкүн? Бардык мүмкүн болгон варианттарды көрсөтүңүздөр.*
3. *Шаардык САКБнын жетекчисинин жообун негиздөөсү менен түзүңүздөр.*

### №3-мисал.

Жыйынтыкталган аткаруу өндүрүшү боюнча карызкор менен өндурүп алуучу алар тарабынан медиатордун жардамы менен түзүлгөн тынышуу макулдашууну бекитип берүү өтүнүчү менен сот аткаруучуга кайрылышкан. Тынышуу макулдашуусунун тексти менен таанышкандан кийин, аткаруу аракеттерин жасаган боюнча чыгымдарды жана аткаруу жыйымымынын калдыгын төлөө боюнча маселелер чечилбей калганы билинген. Сот аткаруучу аткаруу аракеттерин жасаган боюнча чыгымдарды жана аткаруу жыйымымынын калдыгын бир айдын ичинде төлөө боюнча милдеттенмеси менен тынышуу макулдашуусун бекитүү жана аткаруу өндүрүшүн токтотуу тууралуу токтом чыгарган.

### №3-мисалга тапшырма

1. *Бул учурда карызкор менен өндүрүп алуучунун аракеттери мыйзамченемдүүбү?*
2. *Мындай учурда сот аткаруучунун аракеттери мыйзамченемдүүбү?*
3. *Бул учурга колдонумдуу ылайыктуу негиздемелери менен токтомдорду түзүңүздөр.*

**№4-мисал.**

Сот аткаруучуга 457000 сом карызды өндүрүү жөнүндө аткаруу өндурүшү боюнча өндүрүп алуучу кайрылган жана карызкор ишти тынчтык менен бүтүрүүнү суранганын, ал кандайдыр-бир медиация жана медиатор жөнүндө айтып жатканын айтып, бул учурда тынышуу макулдашуусун бекитүү мүмкүнбү ага түшүндүрүп берүүнү сураган.

**№4-мисалга тапшырма**

1. *Медиация жана медиатор тууралуу сот аткаруучу кандай аракеттерди кабыл алышы керек?*
2. *Бул учурда сот аткаруучу тынышуу макулдашуусун бекитүү боюнча кандай аракеттерди кабыл алышы керек?*

**№5-мисал.**

Бизнес боюнча мурунку партнерлорго тийиштүү болгон бизнес-центрдин имаратын бөлүү жөнүндө аткаруу өндүрүшү боюнча карызкор, ыктыярдуу аткаруу жөнүндө билдирүүнү алып, сот аткаруучуга талашты тынчтык жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн берүү жөнүндө арыз менен кайрылган. Негиздөөдө тараптар акчалай компенсацияны тараптардын бирине төлөп берүү макулдугуна келишкендиктерин көрсөткөн, бирок аны юридикалык жактан кантип тариздөөнү билишпейт. Өндүрүүдөн баш тартууну вариант катары карашпайт.

**№5-мисалга тапшырма**

1. *Мыйзамда сот аткаруучунун кандай милдеттери каралган?*
2. *Сот аткаруучу кандай иш-аракеттерди, чараларды көрүүсү зарыл?*

№1-Тиркеме[14]. Медиацияны колдонуу жонүндө келишим (шаблон)

[14] В финальной версии в типографии необходимо указать внизу ссылку на страницу где дается информация о данном документе в тексте учебного пособия: Например, См. ___ стр.

**КЕЛИШИМ**
**медиация процедурасын колдонуу жөнүндө**

Бишкек шаары "___"_____________ 20 ___ ж.

Ушул келишимге ылайык Тараптар алардын ортосунда келип чыккан талашты (талаштарды) жөнгө салуу максатында ыктыярдуулук, тараптардын кызматташтыгы жана тең укуктуулугу, Медиатордун калыстыгы жана бейтараптыгы принциптерин жетекчиликке алып, Тараптардын ортосундагы талаш-тартыш жагдайды медиация процедурасы (жол-жобосу) аркылуу чечүүгө өз макулдуктарын беришет.

___________________________________________________________________________

*(толук аталышы же жактын аты жөнү Ф.И.О.)*

мындан ары "Тарап 1" аталып, биринчи тараптан жана ____________________________________________________________

*(толук аталышы же жактын аты жөнү Ф.И.О.)*

мындан ары "Тарап 2" аталып, экинчи тараптан, мындан ары чогуу атаганда "Тараптар" жана медиатор/медиаторлор ______________________________________, мындан ары ________________________________________________________________, мындан ары «Медиатор/лор», ушул келишимди төмөндөгүлөр жөнүндө түзүштү:

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Тараптар медиация процедурасын төмөндөгү маселелерге тийиштүү талаш (талаштар) боюнча өткөрүүнү макулдашышты: ___________________________________________________________________

_______________________________________________________________________

*(талаштын же талаштардын предмети)*

1.3. Тараптар өз ара макулдашуу менен медиация процедурасын өткөрүү үчүн "Улуттук Медиация Борбору" коомдук бирикмесинин (мындан ары текст боюнча КБ) медиатору/лору ______________________________________________, Медиатор катары тандашат.

## 1. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

1.1. Медиациянын тараптары төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) медиация процедурасын өткөрүү үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды Медиаторлордун суроо-талабы боюнча берүүгө;
2) медиация проседурасынын жүрүшүндө жана аны өткөрүүдө Медиаторлорду кызыктырган суроолор боюнча зарыл болгон түшүндүрмөлөрдү берүүгө;
3) медиация проседурасын өткөрүү тартиптерине ылайык медиация принциптерин сактоого (тиркеме №1).

1.2. Медиациянын тараптары төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) медиация процедурасын өткөрүү тартиптерин, ушул келишим боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди сактоо менен медиация процедурасын өткөрүүдөн баш тартууга;
2) медиация проседурасын өткөрүү учурунда пайда болгон суроолор боюнча Медиаторлордон ооз эки түрдө түшүндүрмөлөрдү алууга.

1.3. Медиаторлор төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) медиация проседурасын "Медиация жөнүндө" мыйзамга жана бекитилген медиация проседурасын өткөрүүнүн тартиптерине ылайык өткөрүүнүн камсыздоого;
2) медиация проседурасын өткөрүү боюнча талаштын Тараптарына зарыл болгон түшүндүрмөлөрдү берүүгө;
3) ушул келишимдин алкагында, иштин жүрүшүндө чогултулган маалыматтардын, документтердин жана башка материалдардын купуялуулугун камсыздоого.

1.4. Медиатор төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) талаштын Тараптарынын макулдугу боюнча медиация проседурасын уюштуруунун жана өткөрүүнүн ыкмаларын өз алдынча аныктоого;
2) медиация проседурасын өткөрүү учурунда пайда болгон суроолор боюнча талаштын Тараптарынан ооз эки түрдө түшүндүрмөлөрдү алууга;
3) эгерде медиация проседурасы Тараптардын талаштарын жөнгө салууга алып келбейт деп санаса, аракеттеги мыйзамардын нормаларына ылайык медиация проседурасын токтотууга;

## 2. МЕДИАЦИЯ ҮЧҮН ТӨЛӨМ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИПТЕРИ.

2.1. Эгерде башкача сүйлөшүлбөсө, Тараптар Медиаторлордун көрсөткөн кызматы үчүн чыгымдарды тең экиге бөлүп төлөшөт.
2.2. Келишим боюнча кошумча кызматтардын наркы Медиаторлор тарабынан аныкталат.
2.3. Кызмат алуудан баш тарткан Тараптардын төлөнгөн акча каражаттары кайтарылууга тийиш эмес.

## 3. МЕДИАЦИЯ ПРОЦЕДУРАСЫН ӨТӨРҮҮНҮН ТАРТИПТЕРИ

3.1. Ушул келишим боюнча медиация процедурасы Медиаторлор тарабынан "Медиация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына, медиация процедурасын өткөрүүнүн тартиптерине жана ушул келишимге ылайык өткөрүлөт.
3.2. Медиация процедурасы кыргыз тилинде өткөрүлөт.
3.3. Медиация процедурасы "Улуттук Медиация Борбору" КБнин Бишкек шаары, Бөкөнбаев көчөсү 204-имараты дарегинде жайгашкан 402-кеңсесинде өтөт.
3.4. Тараптар талашты кароо жараянында бири-бирине жана медиаторлорго болгон мамиледе иштин жүрүшүн таталдантууга негиз түзгөн аракеттерден же кылык-жоруктардан өзүн-өзү тыюусу, ошондой эле макулдашууга жетишүү үчүн тоскоолдуктарды жаратпоосу керек.
3.5. Тараптар жана Медиаторлор медиация процедурасынын жүрүшүндө чогултулган маалыматтардын баары купуя болооруна кепилдик алышты жана эч бир тарап аны ачыкка чыгарууга укуксуз экендиги тууралуу келишишти.
3.6. Тараптар жана Медиаторлор талаштарды чечүү үчүн өздөрүнүн болгон аракеттерин жумшоосу жөнүндө келишишти. Эгерде талашты жөнгө салууда тараптарды канаатандырган вариант келип чыкса, Тараптар алар тарабынан ыктыярдуу жана келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө аткаруучу медиациялык келишимге кол коюушат.
3.7. Тараптар талашты чечүү үчүн колдон келген аракеттердин баарын жумшоосу жөнүндө келишишти. Эгерде медиация процедурасынын алкагында Тараптар талашты жөнгө сала алышпаса, медиация процедурасы токтотулат жана Тараптар кийин сотто, бейтарап сотто төмөндөгүлөргө шилтеме кылууга укугу жок:

3.7.1. тараптардын биринин медиация жол-жобосуна кайрылуу жөнүндө сунушуна же тараптардын биринин медиацияга катышууга даярдыгына;
3.7.2. медиация тараптарынын бири талашты жөнгө салуу мүмкүндүгүнө карата айткан пикирлерге жана сунуштарга;
3.7.3. медиациянын жүрүшүндө тараптардын бири жасаган билдирүүгө же моюнга алууга;
3.7.4. талашты жөнгө салуу жөнүндө медиатор жасаган сунушту кабыл алуу фактысына;
3.7.5. медиациянын максаттары үчүн гана даярдалган документке.

3.8. Тараптар медиация процедурасында жеке катышуу жөнүндө макулдашууга келишти, ошондой эле алардын өкүлдөрү катышат:

1.Тарап 1.

Аты-жөнү_______________________________________________________________________,
ишеним кат ______________________________________________________________________.

2. Тарап 2.

Аты-жөнү_______________________________________________________________________,
ишеним кат______________________________________________________________________.

3.9. Зарылчылыкка жараша Тараптар бири-биринин жана Медиаторлордун макулдугу менен медиация проседурасына катышуу үчүн башка тараптарды чакыруу боюнча макулдашууга келишти.

## 4. МЕДИАЦИЯ ЖҮРГҮЗҮҮ МӨӨНӨТТӨРҮ

4.1. Тараптар ушул келишимге кол койгон күндөн тартып 15 (он беш) календардык күндөн ашпаган мөөнөттө медиация процедурасы аркылуу талаштарды чечүү аякталышы керектиги жөнүндө келишишти.
4.2. Медиация жүргүзүүнүн мөөнөттөрү тараптардын кошумча макулдашуусу боюнча алтымыш календардык күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Купуя маалыматтар Медиаторлор тарабынан ачыкка чыгарыганган учурда, Медиаторлор жарандык-укуктук жоопкерчилик тартат жана ________________________________________ сом өлчөмүндө компенсация төлөйт.
5.2. Купуя маалыматтар Тараптардын бири тарабынан ачыкка чыгарыганган учурда, күнөөлү тарап экинчи тарапка ________________________________ сом өлчөмүндө компенсация төлөйт.

## 6. МЕДИАЦИЯ ПРОЦЕДУРАСЫ ТОКТОТУУ

6.1. Медиация процедурасы учурларда токтотулат:
6.1.1. тараптар медиациялык келишимге кол койгондо - мындай макулдашууга кол коюлган күндөн тартып;
6.1.2. талашты медиация жолу менен жөнгө салуу мүмкүндүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар медиаторлор тарабынан белгиленгенде - мындай жагдайлар белгиленген күндөн тартып;
6.1.3. талашты медиация жолу менен жөнгө салуу мүмкүн эместигине байланыштуу медиациядан бир, бир нече же бардык тараптар жазуу жүзүндө баш тартканда - тараптар жазуу жүзүндөгү баш тартууга кол койгон күндөн тартып;
6.1.4. тараптардын бири медиацияны улантуудан жазуу жүзүндө баш тартканда - жазуу жүзүндөгү баш тартуу медиаторлорго жана башка тарапка жөнөтүлгөн күндөн тартып;
6.1.5. медиация жүргүзүүнүн мөөнөтү бүткөндө - ушул Мыйзамдын талаптарын эске алуу менен бул мөөнөт бүткөн күндөн тартып;

6.1.6. жеке жак болуп саналган тараптардын бири каза болгондо же юридикалык жак болуп саналган тараптардын бири жоюлганда - жеке жак каза болгон күндөн тартып же юридикалык жактын ишин кыскартуу катталган күндөн тартып.

6.2. Медиаторлордун, Тараптардын же талаштын Тараптарынын биринин демилгеси боюнча медиация процедурасынын токтотулушу Медиаторлордун өз милдеттерин аткарбагандыгы же талапка ылайык аткарбагандыгы катары саналбайт.

## 7. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

7.1. Ушул келишимдин шарттарында каралбаган бардык учурларларды Тараптар Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык жөнгө салышат.
7.2. Ушул келишим боюнча келип чыккан келишпестиктер сүйлөшүү жолдору менен чечилет. Эгерде талаш маселелерди сүйлөшүү жолу менен чечүүгө мүмкүн болбогон учурда сөзсүз түрдө медиация процедурасын колдонуу аркылуу чечилет.
7.3. Ушул келишимдин бардык тиркемелери анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
7.4. Ушул келишим бирдей юридикалык күчкө ээ 3 (үч) нускада түзүлдү, Тараптардын ар биринде бирден жана бир нускасы Медиаторлордо сакталат.

## 8. ТАРАПТАРДЫН РЕКВИЗИТТЕРИ И КОЛ ТАМГАЛАРЫ

<table>
<tr><td colspan="2">Тарап:</td><td colspan="2">Тарап 2:</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

Медиатор/медиаторлор

IDLO
Мы создаём правовую культуру
Международная организация по праву развития

Европейский банк
реконструкции и развития

*Проект финансируется и реализуется Европейским Банком реконструкции и развития (ЕБРР) совместно с Международной организацией по праву развития (IDLO)*
*при поддержке Специального Фонда акционеров ЕБРР*

## №2-Тиркеме. Медиациялык макулдашуу (шаблон)

### МЕДИАЦИЯЛЫК МАКУЛДАШУУ

г. Бишкек «____»____________ 20__ж.

Мы,______________________________________________________________________
(Ф.И.О., год рождения, паспортные данные, адрес проживания)

________________________________________________________________ «Сторона 1»,

и__________ ______________________________________________________________
(Ф.И.О., год рождения, паспортные данные, адрес проживания)

_________________________________________________________________«Сторона 2»

именуемые в дальнейшем «Стороны», заключили настоящее медиативное соглашение о нижеследующем:

1. Стороны провели процедуру медиации по спору ______________________________________________________________________________ ______________________________________________________________________________, начатую в соответствии с заключенным и подписанным Сторонами договором о применении медиации от __.__.202___ года №____ и проведенную при содействии медиатора __________________________________________ в соответствии с Правилами проведения процедуры медиации, утвержденными в ОО «Национальный Центр Медиации».

2. Срок, в течение которого проводилась процедура медиации: ____________________

3. Настоящее соглашение подлежит исполнению на основе принципов добровольности и добросовестности сторон.

4. Настоящее соглашение является конфиденциальным и не подлежит раскрытию третьим лицам, если стороны не договорятся об ином. Содержание настоящего Соглашения может быть раскрыто только для совершения определенных в Соглашении действий.

5. Стороны подтверждают, что представленная ими в процедуре медиации информация, на основании которой подписывается настоящее соглашение, была полной и достоверной.

6. Содержание договоренностей и сроки их исполнения:

«Сторона – 1» обязуется:

1.________________________________________________________________________

2.________________________________________________________________________

3.________________________________________________________________________

«Сторона – 2» обязуется:

___________________________________________________________________________

1.___________________________________________________________________

2.___________________________________________________________________

3.__________________________________________________________________

7. В случае, если одна из Сторон нарушает условия исполнения настоящего Соглашения, то ______________________________________________________________________

____________________________________________________________________

(способы и сроки их исполнения и последствия их неисполнения или ненадлежащего исполнения)

8. В случае возникновения разногласий или трудностей в связи с реализацией или толкованием достигнутых договоренностей по настоящему Соглашению Стороны рассмотрят возможность и необходимость возобновления процедуры медиации при содействии медиатора ______________________________________________________________

9. Настоящее медиативное соглашение составлено на _____листах в 2 (двух) экземплярах: по одному для каждой из Сторон.

10. Реквизиты и подписи Сторон:

| «Сторона – 1» | «Сторона – 2» |
|---|---|
| ______________________ | ______________________ |
| ______________________ | ______________________ |

## Приложение №3. Формы документов, используемые в исполнительном производстве

### 1) Постановление о приостановлении исполнительного производства

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**
**о приостановлении исполнительного производства**

«____» ___________ 20__ года                                        г. (с.) ________

Судебный исполнитель Подразделения службы судебных исполнителей ________________, рассмотрев материалы исполнительного производства № _________ и заявление взыскателя (*Ф.И.О., наименование юридического лица*) о приостановлении исполнительного производства,

**У С Т А Н О В И Л:**

В Подразделении службы судебных исполнителей ________________ находится на исполнении исполнительный документ № ________ выданный «___» ______20___ года ___ (*кем выданный*) ________ о взыскании с ______________________ в пользу _______________ денежных средств в сумме __________ сомов.

«____» ___________ 20__ года (*Ф.И.О., наименование юридического лица*) обратился с заявлением о приостановлении исполнительного производства №____ в связи с подачей в суд заявления об утверждении мирового соглашения.

В силу вышеуказанных обстоятельств и в соответствии со ст. 109 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» судебный исполнитель вправе приостановить исполнительное производство, в случаях предусмотренных указанной статьей.

На основании изложенного и руководствуясь ст.12, ст. 23, ст.109, ст.110, ст.113 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» судебный исполнитель,

**П О С Т А Н О В И Л:**

Удовлетворить заявление взыскателя (*Ф.И.О., наименование юридического лица*) о приостановлении исполнительного производства №_____ от «____» _______20__года.

Приостановить исполнительное производство №_____ от «____» _______20__года, до (*указать срок, момент и наступление ст.110*).

Копию постановления направить сторонам исполнительного производства.

Постановление может быть обжаловано в суд в течение 10 дней.

**Судебный исполнитель** ______________ ____________________________
(*подпись*)        (*расшифровка подписи*)

МП

## 2) Постановление о возобновлении исполнительного производства

**П О С Т А Н О В Л Е Н И Е**
**о возобновлении исполнительного производства**

«___» ____ 20__г. г.(с) _______

Судебный исполнитель Подразделения службы судебных исполнителей ____________________, рассмотрев материалы исполнительного производства, № _________,

**У С Т А Н О В И Л:**

В Подразделения службы судебных исполнителей _____________ района г. (с) ___________ находится исполнительный документ № ________, выданный __________ районным _____(*кем*) от «____» ____ 20__ года о взыскании с ________ в пользу _________ денежных средств в сумме ________ сомов.

В ходе исполнения исполнительного документа исполнительное производство № ___ было приостановлено по просьбе взыскателя в связи с подачей в суд заявления об утверждении мирового соглашения.

В настоящее время основание для приостановление исполнительного производства отпали (устранены): ________ (*основание для возобновления*) _______.

В соответствии со ст.110 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» судебный исполнитель по заявлению взыскателя или по собственной инициативе своим постановлением возобновляет исполнительное производство после устранения обстоятельств, послуживших основанием для его приостановления.

На основании изложенного и руководствуясь ст.12, ст.23, ст.110 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» судебный исполнитель,

**П О С Т А Н О В И Л:**

Возобновить исполнительное производство №________ от «___» ______ 20__года.
Копию постановления направить сторонам.
Постановление обжалованию не подлежит.

**Судебный исполнитель** ______________ _____________________________
(*подпись*) (*расшифровка подписи*)
МП

## 3) Постановление о прекращении исполнительного производства

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**
**о прекращении исполнительного производства**

«____» ___________ 20__ года г. (с.) ________

Судебный исполнитель Подразделения службы судебных исполнителей ___________________, рассмотрев материалы исполнительного производства, № _________,

**У С Т А Н О В И Л:**

В Подразделении службы судебных исполнителей ________ на исполнении находится исполнительный документ № ______, выданный «___» ______20___ года ___ (*кем выданный*) _____ о взыскании с ______ в пользу _______ денежных средств в сумме ________сомов.

В ходе исполнения исполнительного документа было установлено, что между взыскателем и должником заключено медиативное соглашение от «___» ______20___ года, определением суда ____ (*выдавшего исполнительный документ*) от «___» ______20___ года утверждено мировое соглашение, которое вступило в законную силу.

